# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**| №04 (290) | 28.04.2023. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru**




Сүрөттөр:Нурлан Дуйшебеков

*Баш маселе*

## Президент Садыр Жапаров Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиевди кабыл алды

*Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 20-апрелде, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиевди кабыл алды.*



Кыргыз тилинин абалы, анын өнүктүрүүнүн келечеги жана колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү маселелери талкууланды.

Каныбек Осмоналиев Мамлекет башчысына 2021-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы, анын ичинде мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилди жакшыртуунун жүрүшү тууралуу сөз кылды.

Ал ошондой эле Улуттук комиссиянын учурдагы ишмердүүлүгү жана пландары, тактап айтканда, түрдүү иш-чараларга, анын ичинде эл аралык деңгээлдеги иш-чараларга даярдыктар боюнча айтып берди.

Мындан тышкары, Каныбек Осмоналиев талкууланып жаткан “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын долбоору боюнча маалымат берди.

Президент Садыр Жапаров мамлекеттик тилди колдоо, сактоо жана өнүктүрүү - мамлекеттик саясаттын маанилүү багыттарынын бири экенин баса белгиледи.

Ал мамлекеттик тилди кеңири жайылтуу жагынан Улуттук комиссиянын көрүп жаткан чараларын канааттануу менен белгилеп, бардык жарандар тилди тийиштүү деңгээлде билүүсүнүн маанилүүлүгүнө көңүл бурду.

Ошону менен катар Мамлекет башчысы Улуттук комиссиянын төрагасына катуу эскертүү берип, тил саясаты, тагыраак айтканда кыргыз тилин латын алфавитине өткөрүү жөнүндө аңдабай айтылган сөздөрдөн карманууга чакырды.

“Кыргыз тилинин латиницага өтүүсү тууралуу сөз кылууга азырынча эрте. Кириллицадагы мамлекеттик тилди талаптагыдай, сабаттуу деңгээлде билүүсүн камсыз кылмайынча, латын алфавитине өтүү тууралуу сөз да болушу мүмкүн эмес. Азыр бул боюнча маселе жок, мамлекеттик тилди өнүктүрүүнү кириллицада улантуу керек”, - деп баса белгиледи Президент Садыр Жапаров.

Мамлекет башчысы министрликтерде, ведомстволордо жана башка органдарда мамлекеттик тилдин абалына өзгөчө көңүл буруп, Улуттук комиссия тарабынан тил саясатын өркүндөтүү боюнча иштерди улантуу жана чараларды күчөтүү зарылдыгын белгиледи.

**Булак:president.kg**

# Жогорку Кеңеш мамлекеттик тилге байланышкан конституциялык мыйзамдын долбоорун экинчи окууда колдоду

*19-апрелдеги Жогорку Кеңештин жыйынында "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын долбоору экинчи окууда каралды. Демилгечи – Министрлер Кабинетинин төрагасы.*




Жыйында баяндама жасаган Социалдык саясат боюнча комитеттин төрайымы Винера Раимбачаева белгилегендей, мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин колдонуунун укуктук негиздерин түзүүгө жана мамлекеттик тил саясатын ишке ашырууга багытталган.

"Сунушталган мыйзамдын долбоору колдонуудагы "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү" мыйзамдын жоболорунун жана аларга карата жүргүзүлгөн талдоонун негизинде эксперттердин, окумуштуулардын жана жарандардын сунуштарын эске алуу менен иштелип чыккан", - деди В.Раимбачаева.

Депутаттардын суроолоруна Президентке караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиев жооп берди.

Талкуу маалында депутаттар мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө багытталган мыйзам долбоорун колдошту. Ошону менен бирге сунушталган долбоордун нормаларын сактоо боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүү зарылчылыгын белгилешти.

Алсак, депутат Дастан Бекешев мамлекеттик тилде жарнамалык тексттер тууралуу суроолоруна түшүндүрмөлөрдү алса, эл өкүлү Тазабек Икрамов «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин иши, бул тесттен өтүүнүн жол-жоболору боюнча суроолорду узатты. Депутат Гуля Кожокулова мыйзам долбоорунун 9,10,32,34-беренелеринде каралган маселелерди белгилеп, мамлекеттик тилди колдонуунун жана өнүктүрүүнүн мыйзамдык негиздери жаатындагы маселелерди көтөрдү.

Ал эми депутат Нуржигит Кадырбеков башка тилдерден мамлекеттик тилге которууда котормонун сапатына өзгөчө көңүл буруу керектигин айтып, белгилүү акын-жазуучулардын чыгармаларын да кыргыз тилине которуу зарылдыгын кошумчалады. Депутат Эрулан Кокулов мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн конкреттүү жана эффективдүү механизмдери жок болгондуктан, бул мыйзам долбоору иштебей турганын белгиледи. Депутат Мирлан Самыйкожо мамлекеттик тил биздин негизги мурасыбыз экенин айтып, ушуга байланыштуу аны өнүктүрүү боюнча маселелерди көтөрдү. Ал ошондой эле мультфильмдердин котормосу, министрлердин кыргыз тилин билүү сынагынан өтүү боюнча маселелерди ортого салды.

Мындан тышкары эл өкүлү Таалайбек Масабиров мамлекеттик тилди сактоо жана өнүктүрүү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү керектигин белгиледи. Депутат Айбек Осмонов "w" тамгасын кошуу менен кыргыз алфавитин кеңейтүү боюнча маселелерди көтөрсө, эл өкүлү Максатбек Сарбагышев мыйзам долбоорунун нормаларын иш жүзүндө ишке ашыруу механизмдери тууралуу кеп козгоп, анын ичинде балдар үчүн анимациялык тасмаларды мамлекеттик тилде тартууну сунуштады. Депутат Исхак Масалиев иш кагаздарын жүргүзүүдө, чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен алакаларды түзүүдө мамлекеттик тилди колдонуу тууралуу маселени көтөрдү. Депутат Адахан Мадумаров мыйзам долбоорундагы бир берене экинчисине карама-каршы келерин айтып, аларды жоюу керек деп эсептейт. Ал эми депутат Эмил Токтошев мамлекеттик тил саясатын трансформациялоо үчүн латын алфавитине өтүү маселесин кароо зарыл экенин билдирди. Депутат Марлен Маматалиев бул мыйзам долбоорунда мамлекеттик жана расмий тилдер каралганын, КР Конституциясынын нормаларын бузуулар жок экенин баса белгиледи.

Өз кезегинде эл өкүлү Надира Нарматова мыйзам долбоору мамлекеттик тилди колдонуунун тартибин аныктаганын айтты. Депутат Камила Талиева мамлекеттик тил саясатын реформалоо – учур талабы экенин, мыйзам долбоору мамлекеттик тилди колдоого багытталганын, андыктан анын кабыл алынышын башка тилдерди кемсинтүү катары каралбашы керектигин белгиледи.

Жыйынтыгында мыйзам долбооруна добуш берилип, экинчи окууда кабыл алынды.

**Булак: Жогорку Кеңештин Коомчулук жана ЖМК менен иштөө бөлүмү**

№04 (290)
28 04 2023
kyrgyztili@mail.ru

## ИНТЕРНЕТТЕГИ ТАЛАШ-ТАРТЫШТАР facebook БАРАКЧАСЫНДА:



**Токтогул ЖУМАДИЛОВ:**

Сүттү экспорттогондордун убалына Каныбек Осмоналиев калды. Кыргызстан бизге дос эмес деп, Россия сүт сатып алууну токтотту. Экономика менен саясаттын байланышы бар экенин физиктер унутуп калып бирөө экономика физиктин көзү менен деген ариясын ырдаса, экинчиси кыргыз тили физиктин көзү менен деген арияны ырдайын дейт, кирилдеген үнү менен.

**Дүйшөн КЕРИМОВ:**

Бу Токо, сизде курсактан башка маселе калбай калганбы? Же улуу держава Россия өзү элинен сүт азыктары анча эле ашып-ташып кетпеген бизге муктажбы? Ал эми акыйкатта, өлүп бараткан кыргыз тилинен ушул сүт маселеси өйдө турабы? Эч качан асыл Ала-Тоо жергебизде ачкачылыктан киши өлгөн эмес жана өлбөйт дагы. Маселен, ар коктудан шаркырап аккан мөлтүр суулары, дары чөптөрү, табигый жер жемиштери мол мындай жерде кекиртектен киши өлүп кетпейт. Мындай тантырак сөздү токтотуңуз же телеканалдардын биринде мени менен эрөөлөргө чыгыңыз!

**Токтогул ЖУМАДИЛОВ:**

Каныбек Осмоналиев бул ишти кошомат үчүн кылган жок. Ал мамлекеттик кызматкерлердин баарынан экзамен алып алдына чөгөлөтөм, керек болсо президентке талапкер менин алдымда чөгөлөсүн деген ниет менен ушул кадамга барды. Анын кыргыз тили үчүн тилеги жакшы экенинде шек жок, бирок тозокко барчу жол ак тилектерден жасалат деген сөз бар. Эл аралык саясат боюнча бул кишинин билими абдан начар экен. 2 деген баага татыктуу эмес. Нөл экен.

**Дүйшөн КЕРИМОВ:**

Токо сизди сыйлайм, а бирок мынчалык маңкуртча ой жүгүртөөрүңүздү билбепмин. Орустар кезинде кыргызды "баран" десе арданчу элек, койлор деле өз тили бар, өз тилинде маарайт. Бүгүн кыргыздар койчо жок болуп калды. Эсеби маселен, урпактары дээрлик орусча сүйлөйт. Ошол Токтогул байке деле неберелери менен орусча сүйлөшүп жатканына күмөнүм жок. Демек, тили өлгөн эл, дили өлгөн эл. Аты калып заты жок бир жандуу зат! Жогорудагы Токтогул аттуу боордоштор элдин, болгондо да океандай улуу "Манас" тарыхый эпосун жараткан, дүйнөлүк чемпион жазуучу Чыңгыз Айтматовду уясынан учурган байыркы элдин кусурунан корккула! Силер сындап жаткан Каныбек Осмоналиев, 1952-жылы "Манасты" кыргыз душмандарынан, дагы да айтайын кыргыз атын жамынган ээлеки кастардан сактап калган улуу боорубуз Мухтар Ауэзовдун эрдигин кайталап жатат деп түшүнүү керек го...

**Токтогул ЖУМАДИЛОВ:**

Кыргыз тилинин конкурентин жок кылыш керек деп жакында бир аял чаңырып жатканын ФБга пост кылышыптыр. Эштек эшектей бакырганда дегенди эстедим. Кыргыз тили үчүн кыйкырыш керекпи, же кыйкырбай туруп маселени чечсе болобу деп ойлоп, талдап көрсөк кандай болот?

Россияга каршы экономикалык санкциялар көп болуп, Россия аларга каршы санкция кылып, эми Кыргызстан экспортун көбөйтүп, биздин мекендештер башка жакка миграция болбой эле товарды өзүбүздө көбүрөөк өндүрүп, оокатыбыз жакшы болуп, кедей адамдардын саны азайып, бакубат турмушка жетебиз деп жатканда кириллицадан латиницага өтөбүз деген билими жана акылы тайкы адамдардын азабынан сүттүн экспортуна жол тосулду. Мындай алабарман адамдар дагы болсо калган товарлардын дагы жолу тосулуп, биздин ишкерлерге убал болот.

**Дүйшөн КЕРИМОВ:**

Баракелде, логика эмес бекен! Беш миң жылдык тарыхы бар элдин эне тилин урпактары сүйлөбөй баратса энелери эшектей гана эмес, чаяндай чаңырып жатыр... А сиз айткан латын арибине постсоветтик түрк тилдүү элдин алды эбак өтүп кеткен.

**Токтогул ЖУМАДИЛОВ:**

Салижан Жигитов
Сакемдин мага катуу таасир калтырган сөздөрүнүн бири ал телеканалдан сүйлөп жатып Расул Гамзатов жөнүндө, авар эли жөнүндө айтканы болду. Ал авар эли жөнүндө бул эл бечара, байкуш экен деди. Биз болсо Расул Гамзатовду гений катары, залкардын залкары катары карап, жерге тийгизбей көкөлөтүп жатсак капысынан эле ушул залкардын эли жөнүндө ушундай сөздөр айтылганда эсиң оойт экен. Мен катуу чочуп кеттим. Көрсө чындык ошондой экен. Башкалар кооздоп, жымсалдап сүйлөсө Сакем тике жырып сүйлөп чындыкты бизге жеткирген экен.

Москвада Жазуучулар союзунун имаратында кыргыздар казактар менен сүйлөшүп жатса Расул Гамзатов угуп туруп сураган экен:

- Силер кайсы тилде сүйлөштүңөр?

- Кыргыздар кыргыз тилинде, казактар казак тилде, - деп жооп беришет.

Ошондо Расул Гамзатов бул эки тилдин бирөө жоголсо да, экинчиси калып, булардын тили жоголбойт экен, а менин авар тилим эмне болот деп терең ойго чөмүлүп, кыргыз менен казакка суктанган экен.

**Дүйшөн КЕРИМОВ:**

Дагы айтайын, Токо Гамзатовду окубапсыз же чийки аш кыласыз...
"Мен Цаданы (айылын) Москва жана Парижге эч алмашпайм жана эртең авар тили жок болсо мен да өлүүгө даярмын!" деп атпайбы, атаңгөрү көк жал Расул.
А Салижан аке да эч качан башка улутту кемсинткен эмес. Сындаса өз кыргызын сындаган!

**Токтогул ЖУМАДИЛОВ:**

Сын пикириңизге чоң ыракмат. Мен үчүн күйүп-бышып менин кемчилигимди оңдойм деген адам бар экен деп абдан ыраазы болуп жатам.

# Сөз эмес иш керек

## (Мамлекеттик тилдин 20 жылдыгынан улам)



**Академик**
**Абдыганы ЭРКЕБАЕВ**

Кыргыз тилинин мамлекеттик макам алышынын 20 жылдыгына карата быйыл басма сөздө адаттагыдай эле ар кандай мазмундагы макалалар, маектер жарыяланып, бир катар иш чаралар өткөрүлдү. Ырасын айтсам, бул маселеге ар кайсы жылдары адистик, башкаруу-уюштуруучулук жана саясий, мамлекеттик жактан түздөн-түз катышып болсо да, калың калк алдында кеңири сөз кылып, атайын макала жазган эмесмин. Антекени бул темада ооз көптүрүп көп сүйлөгөндүн ордуна конкреттүү иш кылганды (кыргызча сүйлөп, жазганды, уюштуруу чараларын көргөндү) өйдө саначчумун. Мындан ары карманаар оюм, тутунар жолум деле ошондой.

Бирок бул сапар (биринчи ирет!) колго калем алууга аргасыз болуп жатам. Буга шыкак болгон жүйөөлөр дале болсо баягылар: бир чет тилдин табигый тек жайын, өткөнү менен азыркысын, эртеңин, келечегин, дегинсинде кызыл кекиртекке (демагогия), элге жакшы көрүнгүсү келген кооз сөздөргө жол берген пикирлер, экинчиси – тилге карата сөзү менен иши айкалышпаган, түпкүлүгүндө эптеп күн өткөрүүнү көздөгөн тоң моюн, мурдун балта кеспес текебердик (нигилизм). Мен бул зыяндуу эки нерсени ичтен да (жетекчилик кызматтарда жүрүп), сырттан да (катардагы адам катары) өз башымдан көп өткөрдүм. Сөз жок, иштин чыныгы пайдасы жана болочогу үчүн мындай көрүнүштөр менен келишүүгө болбойт. Ошондуктан тилибизге байланыштуу конкреттүү көргөн-билгендерди, эскерүүлөрдү, байкоолорумду, ойлорум менен сунуштарымды ачык айтууну эп көрдүм.

Тилибиз, элибиз менен кошо миңдеген жылдарды камтыган, эчендеген кайгы-капаны, кубаныч-шаттыкты баштан кечирген узун тарыхты басып өттү. Ырысыбыз бар экен, Кудайга шүгүр деш керек: дүйнөдө канча бир байыркы же кийинки элдер, тилдер жоголду, а биз элибизди да, тилибизди да сактап келдик. Ооба, бул бир чети Кудайдан, экинчи чети өзүбүздөн-мөгдөбөс мээнетибизден, бийик кайратыбыздан болду. Ушул улуу жолдо элибиз тилибизге аркажөлөк, тилибиз элибизге устун-тирек болуп жүрүп отурду.

Кыргыз тилинин тарыхын жалпысынан үч доорго бөлүп карасак болот. Биринчиси – кыргыз тили пайда болгон байыртадан тартып совет бийлиги орногонго чейинки узак доор. Бул мезгилде кыргыз тили калкыбыздын күнүмдүк оозеки сүйлөшүү куралы болду, башка тектеш тилдер менен кошо ташка, жыгачка жана кагазга жазуу өнөрүн өздөштүрдү, коңшу элдер жана мамлекеттер менен кат жазышуу амалына айланды, жазма поэзиялык үлгүлөрүн тартуулады жана акырында, XX кылымдын башында тарыхый, педагогикалык жана поэзиялык мүнөздөгү алгачкы китептер шекилинде (О.Сыдыков, Молдо Кылыч, И.Арабаевдики) жарык көрдү. Бирок элибиздин калың катмарынын сабатсыздыгынан, басма сөз, билим берүү, өз алдынча мамлекеттик түзүмдөрүнүн жоктугунан, мындай зарыл шарттардан артта калган Кокон хандыгы да, а андан кийинки Орус империясы да андай ишке умтулбай, кайра орусташтыруу саясатын жүргүзгөндүктөн тилибиз басма сөздүн, билим берүүнүн, илимдин, мамлекеттүүлүктүн даражасына жете алган эмес.

Аталган зарыл шарттар Совет доорунда гана пайда болду. Натыйжада кыргыз тили күнүмдүк оозеки сүйлөшүүнүн эле куралы болбостон, адегенде араб, андан соң латын, акырында орус арибинде түзүлгөн жаңы жазмага жетишип, басма сөздүн, китеп ишинин, көркөм жана коомдук-саясий адабияттын, билим берүүнүн, көп салалуу маданияттын, техниканын, өндүрүштүн, расмий жыйындардын тилине айланды, аны изилдеген атайын илим да калыптанды. Алиппеден энциклопедияга, басма сөзгө жарыяланган алгачкы кабар-маалыматтардан илимдин тексттерине, туңгуч ыр, аңгемелерден алдыңкы үлгүлөрү (адегенде Т.Сыдыкбеков, андан соң айрыкча Ч.Айтматовдун чыгармалары) аркылуу дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлүү – кыргыз тили Совет мезгилинде басып өткөн жол дал ушундай. Биз бул мезгилге негизинен ыраазы болушубуз керек. Ошону менен бирге бул доордун кемчил жактарын, көлөкөлүү көрүнүштөрүн да унутпоого тийишпиз. Себеп дегенде улуттардын, алардын тилдеринин жана маданияттарынын теңдиги, гүлдөөсү жана өз ара баюусу деген ураандарды жарыя кылган, бул багытта жогоруда саналган бир катар зарыл чараларды көргөн Совет бийлиги улуттарды ич ара тапка бөлүп кайраштырып, мыкты эр-азаматтарын бири-бирине каршы салып жоо кылганын, бейкүнөө элдер менен адамдарды камап, сүргүнгө айдаганын, "интернационализм", улуттарды жакындаштыруу жана жайгаштыруу деген саясатты өйдө коюп, иш жүзүндө орус эли менен тилин артыкча абалга көтөргөнүн кантип жашырабыз. Башкасын айтпай, тил жагын гана эстесек, кыргыз тилинин алгачкы алиппелерин, жазуу эрежелерин, окуу китептерин түзгөн, аларды үйрөтүүнүн жана окутуунун башында турган И.Арабаев, К.Тыныстанов, Б.Данияров, Т.Жолдошев, А.Шабданов, С.Наматов ж.б ушундай саясаттын курмандыктары болушпадыбы беле. Алардан соң Х.Карасаев, Т.Байжиев, З.Бектенов, Т.Саманчин, Ж.Шүкүров, Б.Юнусалиев бир кыйла азап тартышкан. Кечээ эле, 1970-жылдардын башында студент кезимде чыгаан тилчилер К.Юдахин менен Ж.Мукамбаев саясий сынга алынганын, математик Р.Усубакуновдун политехникалык институтта кыргызча окутуу аракети үчүн ыдык тартканын өз көзүм менен көрүп, угуп калдым. Алар гана эмес, атактуу адамдар – "Кыргыз эл жазуучусу" деген расмий наамы бар Т.Сыдыкбеков менен Ч.Айтматов кыргыз тилинин абалына күйүп-бышканына байланыштуу жемеге алынганы, борборубуз Фрунзе аталып, анда 1980-жылдары кыргыз тилиндеги бала-бакчаларды, мектептерди ачуу канчалык кыйынга турганы жалганбы? Ошол эле учурда борборубузда абдан чоң атайын жогорку окуу жайы – орус тили жана адабияты педагогикалык институту (Кыргыз тили жана адабияты эмес!) дуулдап, мындай адистиктер Фрунзеде, Оштогу, Пржевальскийдеги башка жогорку окуу жайларында да жайнап ачылып жатпады беле. Ал эми кыргыз тили жана адабияты адистиги борбордогу жалгыз университетте жана Оштогу педагогикалык институтта гана азыраак даярдалган. Жалпысынан алганда, тилибиз Совет бийлигинин тушунда деле билим берүүнүн, өнөр жайдын, техниканын, так жана табигый илимдердин бардык тармактарында, мамлекеттик-саясий чөйрөдө колдонулушу, өнүп-өсүшү үчүн жагымдуу жагдай, укуктук – мыйзамдык негиз, саясий эрк жана материалдык-финансылык мүмкүнчүлүктөр жетишкен эмес. Дал ушул жагдай-шарт, коомдук жана практикалык муктаждык СССРде 1980-жылдардын экинчи жарымында башталган кайра куруу жана демократташтыруу саясатынан улам башка республикалар сыяктуу Кыргызстанда да кыргыз тилине мамлекеттик даража-макам берүү демилгесине жол ачкан. Мындай аракет расмий деңгээлде алгач 1989-жылдын апрель айында башталган эле. Анда мен улуттук илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун директору болчумун. Бир күнү бизди, кыргыз тилине тиешеси бар адистерди Кыргызстан компартиясынын Борбордук комитетинин катчысы М.Шеримкуловдун иш бөлмөсүнө кеңешмеге чакырып калышты. Ал жыйынга Борбордук Комитеттин Идеология боюнча боюнча бөлүм башчысы Ж.Саадanбеков да катышты. Кеңешмеде мамлекеттик тил маселеси каралды. Албетте, ар кандай пикирлер айтылды. Атап айтканда, партиянын Борбордук Комитети эки тилге тең - кыргыз жана орус тилдерине мамлекеттик макам берүү сунушун айтты. Биз, кыргыз тилинин күйөрмандары бул сунушка макул болбой, мамлекеттик макам кыргыз тилине гана ыйгарылышын колдодук. Акырында ар кайсы улуттагы тилчилерден, адабиятчылардан, юристтерден турган жумушчу топ түзүлүп, башчылыкка мени бекитишти. Милдетибиз - мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын долбоорун даярдоо болчу.

Жумушчу топ күндүн ысыгына, жайдын аптабына карабастан Эл аралык жана СССРдеги тажрыйбаны эске алып, кыска мөөнөттө мыйзам долбоорун даярдаган. Бул ишке тилчилерден Б.Орузбаева, Т.Ахматов, А.Орусбаев, С.Ж.Мусаев, адабиятчы-жазуучулардан К.Акматов, К.Бобулов, Т.Касымбеков, С.Кайыпов, юристтерден Ч.Т.Баекова, М.Чолпонбаев, И.Бобеков белсемдүү катышканын, орус тилдүү адистерден М.Рудов, И.Кияшко, П.Дрыжак бир кыйла каршылык көрсөтүшкөн (түпкүлүгүндө аларды деле түшүнсө болот, анткени алар өз тили үчүн күрөшүшкөн) белгилеп кеткеним жөн. Акыры долбоор басма сөзгө жарыяланып, жалпы элдик чоң талкууга алынган. Мыйзам айрымдар жазыпайтып жүрүшкөндөй, "легендарлуу" деп аталган парламентте эмес, кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин XI чакырылышынын сессиясында 1989-жылдын 23-сентябрында каралды. Долбоорду даярдагандар депутат болбогондуктан, адистер катары чакырылгандар даражасында катышып отурдук. Талкуу кызуу, а түгүл айыгышкан маанайда жүрдү. Анткени республиканын ошол кездеги прокурору Г.Иванцов мыйзамга караманча каршы чыкты. Ал эми сессияга атайын келишкен СССР эл депутаттары А.Акаев менен Т.Океев мыйзамды чечкиндүү колдошту. Сессияны алып барып жаткан Жогорку Кеңештин Президиумунун төрагасы Т.Акматов өз ара кеңешип, тактоо үчүн танапис жарыялоого мажбур болду. Ошол танапис учурунда Кыргызстан Компартиясынын Борбордук комитетинин биринчи катчысы А.Масалиев Москва менен сүйлөшүп, өз ара ымалага (компромисске) жетишти. Натыйжада мыйзам дүркүрөгөн, узакка созулган кол чабуулардын коштоосунда кабыл алынды. Анткени бул мыйзам – кыргыз элинин мамлекеттик эркиндүүлүгүнө (суверенитетине), көз карандысыздыгына жол чапкан, тилине мамлекеттик-укуктук бийик даража-макам берген алгачкы мыйзам эле. Ой ошондо кубанганыбызды, көздөн жаш чыгып ыйлаганыбызды айтпа! Жумушчу топтун мүчөлөрү сессия бүткөндөн кийин "Ала-Тоо" кинотеатрынын тушундагы "Соң-Көл" кафесине барып тойлогонбуз эсимде.

*(Уландысы 4-бетте)*

Эскирбес ой булак
№04 (290)
28 04 2023
kyrgyztili@mail.ru

# Сөз эмес иш керек

(Башталышы 3-бетте)




Ошентип, кыргыз тилинин тарыхында жаңы доор башталды. Ага карата саясий-мамлекеттик мамиле өзгөрүп, мыйзамды аткаруу боюнча он жылга эсептелинген программа кабыл алынды. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча республикалык бюджетке атайын берене кирип, министирликтерде, уюмдарда, мекемелерде атайын штаттар ачылды, иш кагаздарын кыргызчалатуу, жыйындарды кыргыз тилинде өткөрүү, аны орусчага которуу аракеттери башталды. Ушул багытта алгылыктуу иштерден мен өзүм күбө болгон, катышкан эки, үч гана мисал келтирейин. Биринчиси – мен жетектеген Тил жана адабият институтунда 1989-жылы 90го жакын кызматкер иштесе, 1991-жылы алардын саны 200гө жетти. Экинчиси – институтка тарыхта биринчи жолу А.Масалиев баш болгон республиканын жетекчилери келип абалыбыз менен таанышты. Үчүнчүсү – мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамды колдоо, анын аткарылышына коомдук көзөмөлдү күчөтүү максатында 1991-жылы республикалык “Кыргыз тили” коому уюштурулду, анын төрагалыгына материалдык жактан жардам көрсөтсүн деп басма сөз жана маалымат министри катары мени шайлашты. Коом “Эне тил” деген газета чыгара баштады. Кыскасы, иш кызуу, жандануу жолуна түштү.

Тилекке каршы, мындай ыргак, өргө умтулуу эгемендик жылдары басаңдай түшкөнүн моюнга алуу керек. Мунун башкы себеби кимдир бирөөлөрдүн, ачык айтканда, мамлекет жетекчилеринин карсанатайлыгында, улутту тилди барк албаган саясатында эмес, социалдык-экономикалык оор абалга байланыштуу болду. Айтсак-айтпасак, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары, элибиз үчүн эң зарыл нерселер нан, отун, ден-соолук, айлык акы, пенсия эмес беле. Жаңы, жаш мамлекет аларды да өз маалында таба албай, бере албай келгенин кантип унутабыз. “Нан болсо, ыр да болот”, “Ойлогонду кыстаган турмуш жеңет” дегендей, башка нерселер, анын ичинде тил маселеси экинчи катарга жылып калганы жашыруун эмес. Ушул себептен мамлекеттик тилге он жыл ичинде, 2000-жылга чейин бардык деңгээлде, анын ичинде иш кагаздарга өтөбүз деген асыл максатыбыз, кабыл алган мамлекеттик программабыз аткарылган жок. Андан кийинки он жылдык программабыз да ошондой болду. Мен муну кыргыз тилине кайдыгер карабаган, ушул тилде эркин сүйлөп жана жазып элге таанылган, акыры республикалык жетекчи кызматтарга көтөрүлгөн киши катары жоопкерчилигин алуу менен айтып жатам. Көрсө, азаттыктын тартуусу, таттуусу, эгемендиктин элирткен жактары менен кошо ачуусу да, азабы да чогуу келет турбайбы. Биз баарыбыз муну баштан өткөрбөдүкпү, жон терибиз менен сезбедикпи. Ушул мааниде зээн кейиткен бир гана мисал келтирейин. Улуттук илимдер Академиясынын тил жана адабият Институтунда азыркы учурда жетимишке жетпеген кызматкер калыптыр, алардын ичинен 13 тилчи өткөн жылы бир нече айлап эмгек акысыз иштеп жүрүшүптүр. Мен муну Институттун бүгүнкү директору А.Акматалиевден уктум. Мындай абал калкыбыздын тарыхы менен азыркысын иликтеп, китеп чыгарган тарых, философия, экономика институттарына, энциклопедия борборуна да мүнөздүү экен. Ал эми ар кайсы тармактагы адабияттарды чыгарган “Мектеп”, “Кыргызстан”, “Адабият” басмалары, кыргыз тилиндеги китептерди саткан дүкөндөр жоюлуп кеткени качан. Кыргыз тилинин мамлекеттик макамынын белгилүү деңгээлде басаңдашына түпкүлүгүнө жакшы тилекти – Россия менен алаканы күчөтүүнү көздөгөн аракет - Конституциябызда жана атайын мыйзам ирээтинде орус тилине расмий макам берүү, натыйжада кайрадан кош тилдүүлүккө жол ачуу да таасир эткенин мен Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгуу жыйынынын мурдагы төрагасы катары моюнга алам. Ушундай өкүнүчтүү көрүнүштөрдү (ачык айтуу) менен бирге кыргыз тилине эгемендик мезгилинде эч көңүл бурулбай калды, анын мамлекеттик макамы унутулду деген бир беткей пикирге да жол бербөө зарыл. Тескерисинче, анын мамлекеттик макамы бул жылдары эң жогорку укуктук-конституциялык деңгээлге көтөрүлдү, экономикалык абалыбыздын аз-аздан оңолуп өйдөлөө жолуна түшкөнүнө жана 1989-жылдын 23-сентябрында кабыл алынган мыйзам жаңы саясий – укуктук кырдаалга-мамлекеттик көз карандысыздыкка жана эл аралык, дүйнөлүк жамаатташтыкка тең байланыштуу Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйыны мен төрага кезде 2004-жылы 12-февралда “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” жаңы мыйзам кабыл алынган. Ачык айтыш керек, бул мыйзам мурда каралбаган бир катар жаңы нормаларды (улуттар аралык катнашка, коргонууга, тышкы саясатка тийиштүү) киргизген, тилди үйрөнүү жана колдонуу боюнча талаптарды күчөткөн. Жогорку Кеңеш кыргыз тилинин жазуу эрежелери боюнча да эки ирет токтом кабыл алынды: жаңы редакция элге сиңбегендиктен кайра мурдагысына (1953-жылкысына) кайрылды. Президенттин алдында мамлекеттик тил комиссиясы түзүлдү.

Экинчиден, кыргыз тилин практикалык жактан колдонуу жана өнүктүрүү боюнча да жаңы аракеттер жасалды. Эң айкын мисал-борборубуздун кайра Бишкек аталышы, башка жер-суу аталышынын кыргызчаланышы. (Тилекке каршы, борбордогу райондордун аталышынын кыргызчаланышы созулуп жатат.). Негизгиси – кыргыз тилиндеги мектептерди, жогорку окуу жайлары, ар кайсы тармактарды камтыган окуу китептер, изилдөөлөр көбөйдү, кыргызча-орусча, орусча-кыргызча орфографиялык, терминологиялык сөздүктөр кайра басылды. Жакында эле кыргыз тилчи окумуштууларынын 30 жылдык эмгеги болгон “Азыркы кыргыз тили” деген фундаменталдуу илимий китеп жарык көрдү. Совет мезгилинде 6 томдук болуп басылган кыргыз энциклопедиясы эми 10 томдук болуп кайрадан толукталып, олуттуу өзгөртүлүп чыга баштады.

Эгемендик келер замат жогоруда эскерилген орус тили жана адабияты пединститутун гуманитардык институтка, андан кийин Х.Карасаев атындагы университетке, мурдагы кыз-келиндер пединститутун И.Арабаев атындагы университетке, Пржевальск пединституту К.Тыныстанов атындагы университетке айланды, улуттук университетке Ж.Баласагын ысымы ыйгарылды. “Кыргыз тил коомуна” имарат берилип, иши республикалык бюджеттен каржыланды (анын төрагалыгына кийн К.Бобулов шайланып, бир кыйла жанданды). Кыргыз тилиндеги басма сөз менен китеп ишин күчөтүш үчүн “Учкун” концерни ( азыркы акционердик коом) түзүлдү. Айрыкча белгилеп кетчү нерсе – Эмил Асанов деген азамат жигитибиздин аракети менен кыргыз тилин компьютердик системаларда колдонуу мүмкүнчүлүгүнө жетишилди.

Үчүнчүдөн, эгемендүүлүктүн шарапаты менен элибиздин тил турмушунда бири жагымдуу, экинчиси коопту жаңы жагдайлар пайда болду. Биринчиси – совет доорунда таңууланып келген кыргыз-орус кош тилдүүлүгүнүн ордуна эми көп тилдүүлүк: кыргыз-түрк, кыргыз-англис, кыргыз-араб, кыргыз-фарс, кыргыз-казак, кыргыз-өзбек, кыргыз-япон, кыргыз-корей тилдүүлүк тамыр жайып баратат. Экинчиси – жумушсуздуктун айынан жүз миңдеген калк жакынкы (Россия, Казакстан) жана алыскы (АКШ, Австралия, Корея жана башка) өлкөлөрдө күн өткөрүп, өз Ата журтунан жана эне тил чөйрөсүнөн алыстоодо. Мурда болсо кыргыздар тарыхый себептерден улам өз мекенинен тышкары негизинен Өзбекстанда, Тажикстанда , Кытайда, Ооганстанда, Түркияда жашачу.

Төртүнчүсү, дагы бир өтө кызыктуу жагдай келип чыкты. Мурда СССРдин убагында интернационализм идеологиясына байланыштуу улуттар, алардын тилдери бара-бара жакындашып биригет деген көз караш саясий курал катары пайдаланылып келсе, эми илим менен технологиялардын, байланыш каражаттарынын жетишкендиктеринен улам глобалдаштыруу (жалпылашуу, алаамдашуу, дүйнөлөшүү) жараяны кенен кулач жайып, кыргыз тили сыяктуу тилдер (аз улуттардын тилдери) жок болот деген олуялык пайда болду. “Оозуңа таш, тилиңе тибиртке” деп айтаарлык ойлор Бириккен Улуттар Уюмуна байланышкан расмий мекемелерден чыккан соң аны көз жаздымдан чыгарып, маани бербей койгонго болбойт. Кыскасы, ар кайсы жагынан алып караганда да тил маселери бүгүнкү күндө да өтө олуттуу мамилеге, жаңыча саясатка муктаж болуп тургансыйт. Муну айрыкча мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын жыйырма жылдыгы, анын аткарылышына байланыштуу айтылып жаткан ачуу ойлор ого бетер ырастап жатат. Мындагы эң башкы маселе кыргыз тилинин мамлекеттик макамы жөнүндөгү конституциялык талаптарды жана мыйзамды биринчи иретте мамлекеттин өзү, анын башчылары, жогорку органдары менен төмөнкү баскычтары аткарбай жаткандыгы. Мунун эң айкын далили – 2004-жылы кабыл алынган жаңы мыйзамдын 8-беренеси “Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңештин төрагасы, өкмөт башчысы (Премьер-министр), Конституциялык Соттун төрагасы, Жогорку Соттун төрагасы мамлекеттик тилди билиши, мамлекеттик тилде окуй жана жаза, өз ойлорун билдире жана эл алдында сүйлөй алышы милдеттүү” деп айдан ачык жазылып турганына карабастан (Н.Танаев премьер-министр болуп дайындалганда мындай талап жок болчу) 2005-жылдан бери бул талаптарга жооп бербесе да эки өкмөт башчы (Ф.Кулов менен И.Чудинов) шайланды жана дайындалды. И.Чудинов Жогорку Кеңеште шайланып жатканда мурда, катардагы депутат болуп жүргөндө кыргыз, кыргыз тили деп кыйкырып чыкчу А.Мадумаров төрага боло калганда улуттук, конституциялык маселени тебелеп, “бул тек гана техникалык маселе” деген таң калтырбай койгон жок. Мындан башка да бир нече берене жумушту, иш кагаздарын, расмий документтерди, жыйындарды, улут аралык карым катнашты, чет өлкөлүктөр менен жолугу-

№04
(290)
28
04
2023
kyrgyztili@mail.ru

шууларды мамлекеттик тилде жүргүзүү, мамлекеттин жетекчилери жана калган расмий органдар тарабынан иш жүзүнө ашырылбай келатат.

Эмне, булар ушунчалык эле аткарууга кыйынбы? Жок, андай эмес. Кеп – жетекчилердин каалоосунда, саясий эркинде, конституцияны, мыйзамды сактоо ирээтинде жана акыры келип өздөрүнүн тил билишинде. Эгерде жетекчилердин өздөрү, үй-бүлөсү, балдары элге жеке үлгү болбосо, өрнөк көрсөтпөсө мындай иштен майнап чыкпайт.

Экинчиден, мыйзам сөзсүз аткарылышы керек: мамлекет – бул бүт дүйнөдө мажбурлоо куралы. Антпесе же мамлекет, же кабыл алынган мыйзам жок болушу керек. Анын үстүнө эгемендиктин он сегизинчи жылында тил кырдаалы бизде кескин өзгөрдү, жаңы жагымдуу өбөлгө түзүлдү. Ал расмий эл каттоонун жыйынтыгына караганда , кыргыздар 1989-жылы 52 пайыз, 1999-жылы 65, орустар 1989-жылы 21, 1999-жылы 12 пайызды түзгөн. Өзбек туугандар 1999-жылы саны боюнча орустардан өтүп, 14 пайызга жеткен. Быйылкы жылдын эл каттоосу боюнча элибиз 70 пайыздан ашып, орустар андан бетер азайышы, ал эми өзбектер ого бетер көбөйүшү, түпкүлүгүндө түрк тилдүү калктар 90 пайыз болушу мүмкүн.

Демек, жогоруда көрсөтүлгөн үч жагдай (Кыргызстанда түпкүлүктүү калкыбыздын басымдуу көпчүлүктү түзүшү, орус тилдүү калктын абдан азайышы, глобалдашуу процессинин тилибизге тикелей коркунуч туудуруп жатышы) тилибиздин мындан ары да сакталышы жана өнүгүшү үчүн ич арада эч бир кылчактабастан, тартынбастан мамлекеттин жана улут аралык тил катары мыйзамга ылайык жалгыз гана кыргыз тилин колдонууну талап кылат. Ал эми орус жана башка тилдер өз этникалык чөйрөсүндө эркин пайдаланыла берип, ошондой эле орус жана англис тилдери дүйнөлүк расмий тилдер катары эл аралык, мамлекеттер аралык байланыш, карым-катнаш каражаты катары кала бермекчи. Албетте, бул үчүн биз Конституциябызга жана тиешелүү мыйзамдарга ушундай өзгөртүүлөрдү киргизишибиз максатка ылайыктуу.

Эгер баарыбызга (мамлекет башчысынан тартып катардагы кыргызга чейин) ушундай эрк – кайрат, улуттук ар-намыс, мекенчилдик парз жетишсе уюштуруу жагынан дагы бир катар иш чараларды аткаруу талап кылынат.

**1.** Республикадагы тил кырдаалын так талдап-баалаган, өнүгүш багыттарын терең болжогон, ушуларга байланыштуу сунуштарды даярдап турган социолингвистикалык жана юридикалык топ түзүлсө. Ал мамлекеттик бийлик органдарынын, айталы, мамлекеттик тилге байланыштуу уюмдун же мекеменин курамында болсо.

**2.** Мамлекеттик тилге байланыштуу адистердин сапатын жакшыртуу. Ачык айтканда, бул өтө оор, талуу маселе, себеби бизде "өрдөк жок жерде чулдук бий" болгондор көп.

**3.** Кыргыз тилиндеги окуу китептери, изилдөөлөр менен бирге фольклордук мурасты, адабий классиканы жана балдар адабиятын, адабий – көркөм газета менен журналды мамлекеттик бюджеттин эсебинен чыгаруу. (Ал эми жеңил – желпи, күлкүлүү же окуулуу китептер базардан баасын тапсын). Ушул максатта "Кыргызагро", "Кыргызалько", "Кыргыз темир" сыяктуу "Кыргыз китеп" деген мамлекеттик ишкана ("Учкундун" базасында) уюштуруу, анын дүкөндөрүн республиканын, областтардын жана райондордун борборунда ачуу: эмне, кыргыз тилиндеги китептер дандан, арактан, темирден кем бекен? (Азыр андай дүкөндөр дээрлик эч жерде жок – борбордогу "Нуска" деп аталган жалгыз тар дүкөндү эске албаганда).

**4.** Ар кайсы себептерден улам чет өлкөлөргө кетип жатышкан кыргыздардын санынын кескин көбөйүшүн эске алып, алардын эне тилди, улуттук маданиятты унутпашын көздөгөн атайын иш чараларды өткөрүү.

**5.** Илим менен техникага, өндүрүшкө, жаңы технологияларга, базар экономикасы менен укукка байланышкан окуу китептерин кыргызчалатууга, колдон келсе өз тилибизде жазууга, аларды чыгарууга айрыкча маани берүү. Ушул багытта моралдык жана материалдык стимулдарды, атайын сыйлыктарды уюштуруу.

**6.** 1993-жылы вице-министр болуп турганымда белгилүү тилчи академик Б.Орузбаева жана көрүнүктүү адабиятчы, кыргыз тилинин мыкты билерманы С.Жигитов (ал анда президенттин кеңешчиси болчу) менен бирге Түркияда өткөн түрк тилдүү мамлекеттердин бирдиктүү латын арибине өтүүсү жөнүндөгү кеңешмеге катышып, биз, Кыргызстан дагы экономикалык шартыбызга , мүмкүнчүлүктөрүбүзгө жараша бара-бара латынга өтөбүз деп кол коюп келген элек. Андан бери Азербайжан, Түркмөнстан, Өзбекстан бул арипке өтүштү. Казакстан да акырындап аракет кылып жатат. Биз болсо экономикалык абалыбыздын бечелдигинен бул ишти кийинкиге калтырып келгенбиз. Эми экономикабыздын аз аздан оңолуп келатышына карап ага боордош, тектеш түрк тилдүү мамлекеттер менен тең катар жүрүш, жаңы маалымат, катнаш технологиялары менен тең катар жүрүү, жаңы латын арибине негизделип жүрүп жатканына тездеп кошулуш үчүн мүмкүн бул маселени кайра колго алаарбыз?

**7.** Орус ариби же латын болобу, ар бирибиз өз эне тилибизде туура сүйлөп, туура жазышыбыз абзел. Азыр кыргызча-орусча же кыргызча-өзбекче аралаштырып сүйлөгөндөр, көрүнгөн жерде кыргызча туура эмес которулган же жазылган көрнөк-жарнактар жайнап кетти. Мына ушуларды көзгө сайып көрсөтүш үчүн мамлекеттик басма сөздө, радио уктуруу менен телекөрсөтүүдө "Тил маданиятын көтөрөлү", "Тилиңизге тибиртке" деген сыяктуу атайын рубрикаларды, берүүлөрдү ачуу. Тилекке каршы, бул жагынан аталган маалымат каражаттары өздөрү да аксап келатат. Буларга чет өлкөлүк массалык каражаттары начар, уятсыз үлгүлөрү да кошумча болууда.

**8.** Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын бийик деңгээлде аткарылышы, кыргыз тарыхы менен маданиятынын накта өнүгүп-өркүндөшү үчүн мындай иштердин башында К.Ататүрк сыяктуу мамлекет башчысынын өзү турушу керек. Ансыз башка мамлекеттик орган, уюм, мекемелердин сөзү өтүмдүү болбойт.

**9.** Мамлекетик тил, албетте, бийликтин эле иши эмес. Ал ар бирибиздин, баардык кыргыз калкынын, бүткүл коомдун иши. Өз тилине кайдыгер кароо, анын сакталышына жана өнүгүшүнө кам көрбөө-сактыкчылык, келечекке балта чапкандык. Бизди көрө албагандар, "глобалдашуу" деп аксымсынгандар ушуну эле күтүп жатпайбы. Ошон үчүн кыргыз тил күйөрмандары, аны колдоп түзүлгөн коомдор, корлор, кыймылдар иштерин мындан да арбытышы, бийик деңгээлге көтөрүшү зарыл. Кеп "кыргыз тил" деп кыйкырууда, карандай кыргыздар жашаган аймактарга дуулдап үгүт жүргүзгөн кербен жүрүш уюштурууда, 23-сентярды майрам күн деп жарыялап, жалаң кыргыздарды топтоп алып куру сөзгө, шатыра-шатман салтанатка батууда, убактылуу иш катары эсептеп бир айлык же үч айлык жарыялоодо эмес, негизгиси - мыйзамды күн сайын иш жүзүнө ашырууда. Ооба, мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын 20 жылдык ачуу сабагы, тилибиздин келечек тагдырынын жападан жалгыз жандырмагы ушул: бизге кооз сөздөр, кургак убадалар эмес, көзгө көрүнүп турган конкреттүү иш керек!

**PS: Он төрт жыл мурда "Эркин-Тоо" газетасына жарыяланган бул макаламды бүгүн кайра окуп, анын азыр да күчүн, маанисин жоготпогонуна ынандым. "Кыргыз тили" газетасы кызыгып, туура таап, кайра жарыялап жатканына ыраазычылык билдирем.**

**2023-жыл, 26-апрель**

# *Туткун ыры*



**Салижан ЖИГИТОВ**

*Тирүү жүрүш,*
*тирүүлөй өмүр сүрүш*
*бир кыйын иш оңбогондой,*
*түйшүгү күч, күйүтү көп.*

*А бирок тирүүлүктөн*
*ширин,*
*кымбат,*
*бек абзел эчтеме жок.*

*Бу дүйнө мээнеттүү бир планета*
*жыргалынан куурaлы көп,*
*соодасынан коогасы көп,*
*катаал мүнөз, колу сараң:*
*адамга арзан-оңой*
*карматпай ырыскысын,*
*тарттырат тарткылыктар,*
*урдурат жанды жанга.*

*А бирок бу дүйнөдөн*
*сонун,*
*бейпил,*
*берешен эчтеме жок.*

*Мына, мен кедеңдеген*
*кайыл болуп катаалына,*
*түтүп түркүн түйшүгүнө,*
*куунап сейрек кубанычына*
*кучагында дүйнөнүн кубулжуган*
*узак-узак убакыт өлбөй тирүү,*
*өлбөй тирүү*
*кыбырап*
*жүргүм келет!*

*А бирок айла канча?-*
*заман бир дайра болсо түгөнбөгөн,*
*калкым бир арча болсо картайбаган,*
*мен бир байкуш байчечекмин,*
*өмүрүм бар байчечек өмүрүндөй.*

*Мен ошол өмүрүмдүн*
*туткунумун,*
*туткунумун!*

*Адамзат бир алп дарак бутак-шактуу,*
*алты миллиард жалбырактуу.*
*Бар анын балтайган чоң бутактары*
*бариктери чаап барган*
*жүз миллион*
*санынан*
*миллиардга.*
*Менин элим – бир чырпык чыпалактай*
*эки миллион жалбырактуу.*
*Көрүнбөйт далдаасынан*
*барикке бай*
*буура сан*
*бутактардын.*

*Дүйнө калкы кажылдайт канча тилде?*
*Айтышат: үч миң тил бар.*
*Бирок көбү – бүттөй тилдер.*
*Киттей тилдер – кош колдун манжасындай.*
*Азап тартат адамзат тил көбүнөн.*
*Андан бетер мен кыйналам.*
*Өмүрүмдүн өзөгүн өрттөп чыккан*
*өкүнүчүм бар, муң-зарым бар,*
*ыйманымын сыгылып сызып чыккан*
*сырларым бар, ойлорум бар,*
*жан-дилимин жалынын жарып чыккан*
*жарыбаган кубанычым бар,*
*анын баарын айдыңдуу ыр тилинде*
*жаңырыктуу шаң менен шаңгыратып*
*адамзатка жар салып айткым келет!*

*А бирок айта келсем,*
*эне тилим жолум торойт*
*каргашасын катар коюп.*

*Чымылдыктай чыккан үнүм*
*тар тамында тилинин өз элимин*
*жаңырыктайт чабылып дубалдарга.*
*Мен ошол өз тилимин*
*туткунумун,*
*туткунумун!*

**РЕДАКЦИЯДАН: Кайран кеменгер агабыздын бул улуу арманы андан да терең санаага айланып барат. Себеби, ошол азганактай ак калпак элдин эне тили бара-бара жок болуу коркунучунда турган жокпу?..**



№04 (290)
28 04 2023
kyrgyztili@mail.ru

# Бектур ИСАКОВ



*Б. Исаков 1942-жылы Талас районундагы Арал айылында туулган. 1960-жылы Арал орто мектебин, 1965-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин бүтүргөн. Адистиги-кыргыз тили жана адабият мугалими. Азыр да өзү туулуп өскөн айылдагы Арал орто мектебинде мугалим. Сегиз баланын атасы.*

Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Бектур Исаков Кадамжай районундагы Жошук, Ала-Бука районундагы Көк-Таш, Аксы районундагы Отунчу Ташкулов атындагы, Талас районундагы Арал орто мектептеринде кыргыз тили жана адабият мугалими болуп 55 жыл эмгектенген.

Ошол мектептерде мугалим болуп иштөө менен бүт ден соолугун, билимин педагог деген сыймыктуу кесипке арнады.

Бектур агай окуучуларга билим берүү менен чектелбей кызылдай мээнеттин, алпурушуп изденүүнүн, ар-намысчыл жана мекенчил атуулдук жигердин натыйжасында илимий, окуу методикалык китептерди жазып, жарыкка чыгарды. Мисалы, «Кыргыз тилинин альтернативдүү окуу программасы» (V –XI класстар үчүн) 1999-жылы Кыргыз Өкмөтү тарабынан уюштурулган «Китеп-билим булагы» деген конкурста жеңүүчү болду. 5-класстын «Биздин адабият» (К.Артыкбаев менен авторлош) деген окуу китеби 1985-жылы Кыргыз ССР агартуу министрлиги өткөргөн жабык конкурста баш байгени жеңип алган жана ошондон бери улам кайра басылып, мектептерде үзгүлтүксүз окутулуп келе жатат. «Манас сабагы» китеби И. Арабаев атындагы сыйлыкка татыктуу болгон. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын орто мектепте окутуу боюнча эмгектери үчүн «Эл аралык коомдук Айтматов академиясынын академиги» деген наамга татыган. Ал эми «Кыргыз тили» боюнча 5,6,7,8,9,10,11-класстарга арналган окуу китептери үчүн Бектур агай "Манас ата" сыйлыгынын лауреаты болгон.

Бектур агай эл арасында тоодой кадыр баркка ээ. 1989 - жылы СССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган. Талас облустук мамлекеттик администрациясынын буйругу менен 2008-жылдын октябрынан 2009-жылдын июнуна чейинки окуу мезгили «Бектур агай» жылы деп аталып, ага облустун, аймагындагы бардык мектептин кыргыз тилчи мугалимдери катышып, жети окуу телефильми тартылып, 14 усулдук китептер чыгарылган.

Талас облусунун аймагында окуучуларга билим жана таалим-тарбия берүүнү өркүндөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №1 "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" жарлыгын туу тутуп, аны терендеп ишке ашырууну көздөп, Эл мугалими Бектур Исаковдун 80 жылдык маарекесинде өткөрүлгөн мугалимдердин курултайында сунушталган чечимин колдоп, Кыргыз Республикасынын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Б.Нарбековдун №272-буйругу менен облустун мектептеринде 2022-2023-окуу жылы "Бектур агай" жылы деп жарыяланган.

Бектур агай Талас облусунун аймагында аракеттенүүчү "Элеттик мектеп" академиясын түзүп, анын натыйжалуу окутуу жана үзүрлүү таалим-тарбия берүү, окуучуларды турмушка бүйрө жана тың жашоого даярдоо боюнча бир топ иштерди аткарды.

Ошентип, жогору жактагы айтылгандардан келип чыгуучу тыянак, Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Бектур Сыдыкович Исаков:

1) Республикадагы окутуу жана тарбиялоо боюнча ири устат мугалим.

2) Үзүрлүү эмгеги, окуу-педагогикалык 57 китеби, 300 гө жакын илимий – усулдук макалалары менен жумурай журтка кеңири таанылган чыгаан педагог.

3) Окутуу тармагында өзүнчө чыйыр салган жаңычыл, изденгич атуул.

4) Кыргыз тили, кыргыз адабиятын, «Манас» эпосун майнаптуу окутуу, улуттук таалим-тарбия боюнча чоң адис, ондогон педагогикалык тажрыйбалардын ээси. Ушунун баары күндөлүк окутуу ишине, ири изилдөөлөрүнө чейин карапайым мугалимдик эмгегине сыйып турат. Агай – мээнеткечи, анын атуулдук турпатын улам ачылып жана калыптанып жаткан келечек ээсинин жан байлыгы, дүйнө, коом жана адам таануусу сулуулап турат.

# Окумуштуу жана жазуучу Бейшебай Усубалиевдин «Зоока» китебинин бет ачарында сүйлөгөн сөзү




### Адегенде ЗООКА жөнүндө бир-эки сөз:

**ЗООКА** – бул аска-зоо дегендердин уялашы, синоними. Зоока – бул өтө бийик, өтө сүрдүү жак. Күндүн нуру ары-бери урунбай, өзүнүн наристедей аруу учурунда биринчи ЗООКАГА келип тиет; аны жууп-тазалап кетет; бул күн сайын кайталанып турат; демек, Зоока – бул бир гана бийиктиктин, сүрдүүлүктүн гана эмес, тунуктуктун, арууluктун да символу! Анда ой жүзүндө болсо да, улуу Түндүн жарымында, улуу Айдын жарыгында ушул зоокага чыгып, бир ой тегеретип көрбөйлүбү?

Биринчи собол-суроо: Мен эмне үчүн бет ачарды өткөрүп жатам? Китебимди басмага даярдай баштаганда эле менде негедир делөөрү сезими пайда болду; бул китебимдин бет ачарын, буюрса, сөзсүз өткөрөм деген; атүгүл айрымдарыңарды жарык көрө элек китебимдин бет ачарына чакырып жибергеним да эсимде! Азыр болсо мендеги делөөрү сезими ЖОЛУГУШУУ КУСАЛЫГЫНАН жаралганбы деп боолголоп отурам.

Биз кийинчерээк психологиялык бир алааматка кабылган сыяктанабыз. Анткени тиктешип туруп эле, жолугуша албай калчу болдук, б.а., «жолуктук да, жолукпадык, кездештик да, кездешпедик». Ошондуктанбы, кийинки кездерде кокусунан бир жакшы таанышыңды же жөн эле өң таанышыңды көрүп калсаң, жүрөгүңдү бир жылуулук өрдөп кеткендей болот. Анын тирүү жүргөнүн көргөнүңдө, билгениңде эмнегедир сүйүнөсүң; анын тирүү экенин көрүп туруп, өзүңдүн да тирүү экениңди жон териң менен бир сезип аласың. Чындыгында, анын тирүү жүргөнүнүн өзү эле сен үчүн канча демөөр, канча кубат.

Балким, силер да ушундай абалга кабылып отурган чыгарсыңар. Көрсө, ЖОЛУГУШУУ – бул тирүүлүктүн элеси, образы эмес, а анын (тирүүлүктүн) өзү турбайбы! Маркумдар бири-бири менен жолугушпайт эмеспи!

Жаш кезиңде анча элес албайт экенсиң, улам жашың өйдөлөгөн сайын бир кезде албууттанган жаштык-мастык менен кимдир-бирөөнүн көңүлүн оорутуп алганыңды эстеп, ошол адамды бир жолуктурсам, ийилип кечирим сурабасам да, бир жолу баарлашып койсом деп эңсей берет экенсиң. Мына ушул жагдай тууралуу азыр жаштарга кан какшап эскерте кетким келип турат.

Өйдөдө тике да, кыйыта да айтылгандарды жана көп нерселерди ойлоп отуруп, жолугушуулар жоголуп кетпесе экен дейт экенсиң; бир гана жамандыкта аргасыздан жолугушуп калбасак экен дейт экенсиң. Деги кандай болгон күндө да жүрөгүбүздөгү ЖОЛУГУШУУ КУСАЛЫГЫ эскертип турса экен.

Экинчи собол-суроо: китептин «Зоока» деп аталышы жөнүндө.

Салыштырма тил илими боюнча мыкты адис, илимдин доктору, профессор, жазуучу-тарыхчы Амангелди Бекбалаев байкем мага минтип көп айтты: «Бу Бейшебай, сенин чыгармаларыңдын аттары бир кызык, мына «ТҮТҮН», анын «ТҮ»сүн алып салдың да, «ТҮН» деп чыгардың, эми «Т»сын алып салбайсыңбы да, «ҮН» деп атабайсыңбы жаңы китебиңди. Чын эле, мен «ҮН» деп атайын дегем, анткени аңгемелеримден кандайдыр бир сызыла сыздап чыккан үн угула берет мага. Бирок бул жолу ЗООКА сүйрөп кетти.

Бирде куут, бирде туут деп жүрүп, жан сыздаткан оорусун бир жолу да доктурга көрсөтө албаган, бир жолу да сүрөткө түшүп коюуга чолосу тийбеген, акырында ушундай ашкере тунуктугунун кесепетинен 35 жашка жетпей бир чыңырып алып жайрап калган келинге («Зоокадагы» менин каарманым) бир байбиче ичинен кан өтүп туруп: «Бул эмнени көрдү дейсиң, кургур…» деген эле. А биз өзүбүз эмнени көрдүк жана көрүп жатабыз?! Мээге сайылган ушул суроо мени ЗООКАГА сүйрөп кетпедиби… Эсенчилик болсо, эми ҮН да болор, Амангелди байке, азырынча ЗООКАГА каниет кыла туруңуз.

# Адабий котормонун коомдогу ролу тууралуу учкай кеп



## *(жеке тажрыйбадан чыккан ойлор)*

***Кайсыл гана жанрдагы чыгарма болбосун, кайсыл гана авторго тиешелүү болбосун, ар бир чыгармага өзгөчө мамиле керек тура. Мен эки тилдүү авторлордун катарындамын десем болот. Кыргызчадан орусчага, орусчадан кыргызчага которуунун ар башкача жагдайлары бар.***

**Карыбек БАЙБОСУНОВ,**
**Философия илимдеринин кандидаты**

Ар бир тилдин өзүнө таандык ыргагы, табияты жана психологиялык маңызы бар. Кайсы тилде ойлонсоң, ошол тилдин ырын ырдайсың. Ошол тилдин "стихиясына" сүңгүп кирмейинче, ал тилде гармониялуу түрдө жаза да, которо да албайсың. Он сегизинчи кылымдагы орус агартуучусу, ар тараптуу окумуштуу, акын жана жазуучу Михайл Ломоносов деген инсан болгонун баарыбыз билебиз. Ал өзүнүн эне тилин минтип мактап жазат: «Язык российский не токмо обширностию мест, где он господствует, но купно и собственным своим пространством и довольствием велик перед всеми в Европе. Невероятно сие покажется иностранным и некоторым природным россиянам, которые больше к чужим языкам, нежели к своему трудов прилагали... Карл Пятый, римский император, говорил, что ишпанским языком с богом, французским с друзьями, немецким с неприятелями, итальянским с женским полом говорить прилично. Но есть ли бы он российскому языку был искусен, то, конечно, к тому присовокупил бы, что им со всеми оными говорить пристойно, ибо нашел бы в нем великолепие ишпанского, живость французского, крепость немецкого, нежность итальянского, сверьх того богатство и сильную в изображениях краткость греческого и латинского языков».

Көрдүңүзбү, "испанчанын мыктылыгы, французчанын жандуулугу, алман (немис) тилинин бекемдиги, итальян тилинин назиктиги, анан калса, грек жана латын тилдеринин кыска-нускалуулугу" орустун тилинде сиңирилгенин астейдил даңазалап жатат. Кийин А.С.Пушкин баштаган классиктер орустун тилин көкөлөтүп, 19-кылым – "Алтын доор" аталганы бекеринен эмес. Кийин дагы илимдеги мыкты терминологиялык өнүккөн тилдердин катарын толуктады. Бүгүнкү тапта орус тили – дүйнөдөгү адабий жана илимий жактан ар тараптуу өздөштүрүлгөн тилдердин катарында татыктуу орун алган! Ошондуктан кандай болсо да, бул тилди чанганыбыз жарабас. Себеби, тилдер бирин-бири байытып, өз ара мамилеге келип, бирине бири таасир берип, өнүктүрүшөт.

Ал эми биз Манастын улуу тилин кантип даңазалай алабыз, жана кантип дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүн кыргызчага келиштире которо алабыз? Эң оболу – биз Кыргыз Тилин ар тараптуу өнүктүрүү менен, өзүбүз эне тилибизди мыкты билишибиз керек! Совет заманынын жети ондугунда биздин мыкты котормочу агай-эжелер мууну өсүп чыгып, дүйнөлүк адабияттын ар кайсы жанрларында жазылган улуу чыгармаларды мыкты которгону аз келгенсип, марксизм-ленинизмдин жана дүйнөлүк илим-билимдин татаал тексттерин кыргызчага келиштире оодара алышканы бизди шыктандырбай койбойт. Көбүн эсе орусча жазууга ыктап алган Чыңгыз Айтматовдун улам татаалдашып бара жаткан чыгармаларын кыргызча кыш кынагандай тизип, "Манасты" проза кейпинде элге жагымдуу кылып жазып берип, бай тил жана эмоциялык боёктор менен жасалгалай алган Ашым Жакыпбеков агайыбыздын эмгеги кандай! Башка мыкты котормочуларыбыздын аттарын дагы узун кеп кыларбыз...

Филология факультеттеринде байыркы "өлүк" делип калган грек, латын, санскрит, церковнославянский, шумер сыяктуу тилдерди атайын программа катары киргизсе жакшы саамалык болор эле. Жаштар тилдерди өздөштүрүүдө этимологияны тарых менен кошо айкалыштырып билип алышса, кругозору кеңейип, тили да бай болмокчу. "Манастагы" көөнө бурут тилдин жалындаган өзөгү жатат. Байыркы таш эстеликтердеги, Кытайдагы сыры ачыла элек түрмөк жазуулардын оромосундагы тилдин сырын ачыш үчүн Чоюн Өмүралиев сымал тилдин түп башатын аңтарып изилдеген окумуштууларды даярдаш керектигин мезгил тастыктап келе жатат! Чоюн-Алптын чыгармаларындагы тил тамырын атайын изилдөөгө алып, окуу программаларына киргизиш керек. Ошол эмгектерде кайнаган энергия, дүйнөлүк ачылыштар турат.

Жыйынтыктап айтканда, тилдердин тарыхы менен этимологиясын системалуу түрдө изилдеп, тилдин өнүгүү мыйзамдарын билмейинче, сапаттуу, бай котормо болбойт! Тилдин өзү да өнүкпөйт.

Мен болсо 45 жылдан бери ошол көөнө тилдердин нугун изилдеп, кыргыз, орус, Европа тилдерин үйрөнүүдө жеке тажрыйбамды колдон келишинче иштеп келем. Ар бир Тилдин түпкү нугунда терең философия жатат. Ал нукту жана улуттук тилдердеги рухту таанымайынча, кенен философиялык ой жүгүртүүгө мүмкүн эмес. Тилдерди үйрөнүүдө жаттама грамматика эмес, экстенсивдүү лексика эмес, ошол тилдердин башаттан келген табиятын аңдоо абзел. Мисалы, кыйын болсоң жаңы тил ойлоп таап көрчү? Колдон келбейт! Анткени, Тил – бул Кудайдан адамдарга берилген улук касиет. Кыргыз тилибиздин касиетин балдарга таанытыш үчүн мектептин жана ЖОЖдордун программасына тарых, салт, нарк (этноэтика), дүйнөлүк философия, этнофилософия сыяктуу сабактарды системалуу жолго коюу керек.

Азыр тескерисинче ошондой уңгулуу дисциплиналарды кыскартып, "ашыкбаш" предметтерди киргизүү практикалаланып жатат. Бул өтө өкүнүчтүү. "Манас таануу" сабагын жөн гана эпостогу окуялар менен "бууп" салбай, архаикалык лексикология жана этимология менен айкалыштыруу максатка ылайыктуу болмокчу. Ошондо келечектеги котормочулардын жаңы муундарын өстүрүүгө жол ачылар эле. Байыркы булактарды ар кайсы мамлекеттердеги китепканаларга, музейлерге алып барып, казыш керек. Ал үчүн мамлекет тарабынан каражат бөлүнүш керек.

Эми өз тажрыйбамдан мисал келтирсем, 2021-жылы биздин мекендеш кызыбыз, жазуучу-фантаст Беганас Сартовдун небереси Шахсанем Мюррэйдин "Муздак көлөкөлөр" аттуу роман-триллерин кыргызчага которуп, ал ишим "Кыргызпатенттин" конкурсунда биринчи орун алып, Өкмөттүн каржылоосу менен жарык көрсө, былтыркы Мельбурнда өткөн Евразия Чыгармачыл Гильдиясынын эл аралык таймашында Гран-при утуп алды. Анын айрым үзүндүлөрүн ушул "Кыргыз тили" гезитине сунуштасам деп турам.

Азыр болсо, дүйнөлүк классикалык поэзиянын эки үлгүсүнүн өзүм которгон варианттарын жарыялап көрөйүн...

*А.С.Пушкиндин "Анна Кернге" деген кереметi мени 40 жылдан ашуун ойлондурду. Ал эми Редиард Киплингдин "If" ("Эгер") же уулуна арнаган ыр-насааты "кыргыз кыртышка" жакшы эле түшөт экен.*

## Уулума насаат

*Эл болгон соң, ар кандай кептер жүрөөр,*
*Уулум, дайым өзүңө ишен бекем,*
*Кээде сени мазактап, көптөр күлөөр.*
*«Күмөндүүгө» таарынба, болсун эсен!*

*Айып издеп, пенделер шектенсе да,*
*Колго карма өзүңдү, шек билдирбе,*
*Жалаа каптап, өзөккө өрт кетсе да!*
*Ишенимди өзүңө эч бүлдүрбө!*

*Акылмандын жүрөгү бекем болот,*
*Акылсызга теңелсең, кесел толот!*
*Кыялдангын, а бирок адашпагын,*
*Мактаган бар, сөккөн бар, сынаган бар,*
*Жалган ойго азгырган, жанашпагын,*
*Азгырбасын Чындыктан кур адамдар!*

*Ийгиликтин кечи жок, аракеттен,*
*«Кечиргенге кечирим берем» деген,*
*Ушак-айың чыйралтат бир эсептен...*
*Жараткандын анты бар белендеген!*

*Сабыр карма, сөз деген катуу болот,*
*Сынбагын сен, жашоону кайра башта!*
*Тагдыр деген маңдайда жазуу болот,*
*Эпчилдерге таалайың талкалатпа!*

*Үмүт үзбө жашоодон алдыңдагы,*
*Бирде жигит жөө жүрөт төөдөн түшүп,*
*Жыйнаганың тыптыйпыл болсо дагы!*
*Арман кылба, чегинбе, көөдөн үшүп!*

*Кайрат күтүп, жоготпо акылыңды,*
*Эркти карман, өзөгүң өрттөнсө да,*
*Ыйык туткун ишенген жакыныңды!*
*Тартууланган күчүң бар Көктөн сага!*

*Жөнөкөй бол жанында хандын, бектин,*
*Дос-душманга бекем бол дөөлөт келсе,*
*Баалай жүргүн калкыңдын касиетин!*
*Данкың артаар Жараткан оомат берсе!*

*Секундасын мүнөттүн баалай жүргүн,*
*Бийиктейсиң дүйнөнүн ээси болуп,*
*Ырахатын жашоонун каалай билгин!*
*«Адам» деген асылзат атка конуп!*



## Анна Керн сулууга

*Эсимде ажайып көз ирмем:*
*Көрүндүң сыйкырлуу кубулуп,*
*Мен сезгем күзгүдөй өзүңдөн,*
*Ак мөлтүр туптунук сулуулук!*

*Унуттум чөйрөнүн бүт баарын,*
*Үмүтсүз муңайган кезимде,*
*Үр кыздай нур чачкан дидарың,*
*Үнүң ай, от койгон сезимге!*

*Убакыт бороондой чамынып,*
*Айдады баёо-мас кыялды.*
*Саргардым авазың сагынып,*
*Айласыз, элесиң кыярды.*

*Караңгы туңгуюк элетте,*
*Аргасыз күндөрүм жай жылып.*
*Жете албай кыялдуу белеске,*
*Жаш төгөм, өзөгүм кайрылып.*

*...Чүрөгүм, жарк этип көрүндүң,*
*Жан дүйнөм ойгонду, бурулуп!*
*Тараттың кайгысын көңүлдүн,*
*Аруузат, өзүңдө сулуулук!*

*Жүрөгүм эргиди сүйүнө,*
*Тирилдим, күн санап жашардым!*
*Маашыркап, марыдым сүйүүгө,*
*Ыйладым, жыргадым, тазардым!*



№04
(290)
28
04
2023
kyrgyztili@mail.ru



# Улукбек ЕСДАУЛЕТОВ

# Акбар РЫСКУЛОВ



*Жакында КТР залында Кыргыз-Казактын таланттуу акындары Акбар Рыскулов менен Улукбек Есдаулетовдун коштолгон поэзия кечеси өттү. Эгиз элдин эки улкөн калемгеринин бу саамалыгы албетте, унутулган эски көпүрөнү кайра жандандыргандай ажайып иш болду.*

## Тагдыр

*Кыштын кандай болорун
Кайдан билет элибиз?
Кандай куштун коноорун,
Билет кайдан жерибиз?*

*Көздү ачып-жумганча,
Өтөт жылдар чубуруп.
Кулагыма бир добуш
Келет дайым угулуп.*

*Тиричилик ушинтип,
Күрөш менен коштолот.
Кайран өмүр бир күнү
Өтөт-кетет жорголоп.*

*Көргөн түшүң отуруп,
Чиймелейсиң ыр кылып.
Көздөн жашың куюлат,
Көкүрөгүң сыгылып.*

*Бешенеге чийгенин,
Бул жазмыштын көрөрсүң.
Жылдыз болуп көккө учуп,
Же түпкүргө төнөрсүң.*

## Кышкы жамгыр

*Түн уйкуман ойготту жамгыр мени,
Түн жамына айтылчу бардыр кеби?
Жашын төгөт, айнекке башын жөлөп –
Жамгыр ушу жаныма жан биргеби?*

*Тышка чыктым чүмкөнө чолок тонум,
Кышта жамгыр токтобой шолоктодуң.
Карды сенин көз жашың көзөп өттү –
Барбы сенин тапканың, жоготконуң?*

*“Кардын башын кар жутат” дейби жамгыр?
“Кандын башын кан жутат” дейби жамгыр?
Менин мейли башымды жууп-чайып,
Мейли, кышты кыскартсаң, мейли, жамгыр!*

## Карт жаңгак

*Жаңгак быйыл байлаган жок,
Жалбырагы куурады.
“Жаратканга айла-амал жок –
Жазмыш!..” деген туурабы?*

*Жубата албас бул кеп мени,
Жубатса да өңгөнү,
Кабылабы илдетке эми
Карт жаңгактын сөңгөгү?..*

*Карт жаңгакты бак даарыган,
Көз тийбестей көрүнчү,
Жемиши анын шактарынан
Жерге батпай төгүлчү.*

*“Топ-топ” эте жерге түшсө,
Тынай жаңгак терчү эле:
Тыйын чычкан келсе күздө,
Теңин бөлүп берчү эле...*

*Каргашанын болорлугун
Кыйды жаңгак сезгенби?
Курчай калып короомду муң,
Кайгы жутчу кез келди..*

*Жаздым неден, жакпай калдым?
“Жазмыш” деген туурабы?
Жаш баламды таппай калдым,
Жашыл жаңгак куурады.*

*Карт жаңгакты кор кылбасмын,
Калса күчүм, калкым-ай!..
Ал Тынайдын ордун бассын
Карындашы Алтынай!*

## Саадат деген сары кыз

*Буруп калдык баарыбыз
Бар көңүлдү, бар ойду.
Балапандай сары кыз
Баштап ийди “Сары-Ойду”.*

*Тимелеби тартынбай
Тили таттуу оболу.
Операга ал тургай
Окшоп кетет обону!*

*Садагасы, сары кыз –
Саадатты биз коштодук.
Караколдо баарыбыз
Концерт көргөн окшодук.*

*Куп келтирип бормосун,
Көрчү, бийге түштү эми.
Умай эне колдосун,
Ушул кызды үчтөгү!*

*Чоң атага жакканы
Чоёң этсе, көнөсүң:
“Кашым гана сапсары,
Аппак кызмын мен өзүм”.*

*Өйдөлөйбүз баарыбыз,
Өрүк гүлү төгүлөөр...
Саадат деген сары кыз,
Сахнадан көрүнөөр!*

## Жүрөк

*Жүрөгүм өзүмдө эмес карындашым,
“Берчи орун, бошотчу” деп жалынбагын.
Учуруп тууган жерге жибергенмин,
Антпесе, билем дарттан арылбасын.*

*Жүрөгүм өзүмдө эмес, алыс кеткен
Кучагын жайып тоссо керек Мекен.
Шок эле, ай ким билет адаштыбы?
Сурайын, билсең айт деп тентек желден.*

*Барчындай түнөгүнөн учуп чыккан,
Кара Эртиш көздөй кетти ыкчам, ылдам.
Зайсаң көл канатына суу жолотпо,
Бүттү эле өңчөй санат, өңчөй ырдан.*

*Учурдум, чабыттасын, таңды ашсын
Күйкө эмес, ал чыныгы билсең – барчын.
Томого калды колдо, өкүнбөйм эч,
Тууган жер сен чакырдың, барсын... барсын!..*

## Күнөөлүү

*Каралуу, эй, күн!..
Жаралуу пейлим,
Жаным-ов менин жүдөдү!
Ырларым качып барабы деймин,
Ыраактап менден түнөгү?!*

*Ширеңке чагам,
“Шыр-р!” эте өчөт.
Бишкекти баскан караңгы.
Көлөкө сындуу ойлорум көчөт,
Ак кагаз таппай каламбы?*

*Ымырт да жымырт,
Чырак жок кезде
Ырларым кайда түнөдү?
Акындар, аттиң, абыгер чексе,
Ага да Ажо күнөөлүү!*

## Көтөр башты

*Көтөр башты, айыл менен астана,
Көңүл муңу как төбөңдөн басса да.
Бу дүнүйө боюн түзөп жатканда
Бугуп калар тамыры жок таш гана.*

*Өз жериңе өзүң бий бол, муң жутпа,
Тике кара ар-намыска, чындыкка.
Эркиндиктин эшигинен эркин кир,
Өзүңдү өзүң байлап бербей кулдукка.*

*Көтөр башты, көтөр башты кандашым,
Эш намысты, эч убакта жанбасын!
Төбөбүздөн Көкө Теңир түңүлүп,
Казактардын башы жок деп калбасын
Көтөр башты!!!*

**Которгон Таштанбек ЧАКИЕВ**



## Белгилүү кино өнөр ээси Ибаддылла АЖЫБАЕВ, даректүү кино фильмдердин эл аралык фестивалдарынын 7 жолку жеңүүчүсү! (кыргыз чемпиону).



# Күтүү

*(Аңгеме)*





**Топчугул ШАЙДУЛЛАЕВА**

Жай саратан. Мөлтүр-Булакта өрүк тегиз бышып, шыйпыры жок үйлөрдүн үстү кургатуу үчүн жайылган кызыл бөйрөк сары өрүктөргө жык толгон маал. Айылдыктар чаң-чуңдан оолак, шамалбакта тезирээк кургайт дешип эзиле бышкан өрүктөрдү эринбей там башына көтөрүп чыгып жайышат.

Саарлап айылдын ортоңку көчөлөрүнүн бириндеги там үстүндө кемпир небере кызы экөө жайылган өрүктөрдү бирден кармалап, ичиндеги сөөгүн чыгарып, баргек жасап отурушту. Баргектерди узун жайык тактайларга тизишип, кочуштарына толгон данектүү сөөктү болсо улам чоң чакага салып коюшат. Аны да ширесин жууп, өзүнчө кургатышат. Мындай убаракерчилигине жараша баргек менен данек базарда өтүмдүү келет. Бул там башында баргек жасоо үчүн жайылган “эттүү” курмайы өрүктөр оголо көп эле. Башаягы жок шул иши ылдый жерде болгондо тестиер кыз балким чоң энеси айтмакчы “күн кызыгыча” чыдап отура алмак эмес. Тамдын үстү кыз үчүн кызык эле. Кыз өрүктү кармалап атканы менен көчө-көйдөгү кыбыр эткендин баарын өйдөдөн алмак-салмак тиктеп отурганына маашыр. Тигине курбусу уюн бадага айдап баратат, карасаң, атлес көйнөгүн кийип алыптыр, бүгүн бир жакка жөнөгөн го, же жөн эле мактанганыбы, ушунуку өттү, карап тур, мынабу өрүктөр сатылса атасы буга андан сонунун сатып берет. Курбусун узата тиктеген кыз муңая түштү. Аңгыча өздөрүнүн дарбазасы “шарак” ачылып, апасы чыкты. Адатынча шашып алган, сайга суугa баратат, мүрүсүндөгү баканга илинген чакалары ары-бери кыймылдап, түшүп калчудай..., апасы кичине акырыныраак басса болот эле. Кыз өрүктөргө эңкейди. Катуу аңгырап жиберген эшек анын башын кайра көтөрттү. Кошуна авасы дарбаза сыртында байланyy турган эшегин таягы менен сабап кирди, сөгүп да атат, ачууланып алыптыр. Байлануу эшек казыгын тегеренип качып, баари бир коргоно албады. Авасы аны башынан калпагы түшүп калганча сабады. Кызык, эми ал азынап кыйкырган эшегин казыктан бошотту да минип алып бир жакка жөнөп кетти. Минип баратып да эшегинин башы-көзүнө койгулап атат.

Кемпир өрүктөн башын көтөрбөй туруп кызына наалыды:

– Күн кызып кетти, бол, тезирээк, эки жакка элеңдей бербей! Шо аваңды көрбөй жүрдүңбү...

– Эне, кошуна авам эшегин нееге ура берет?

– Анан кимди урсун, аялы өлүп калса, балдары жок болсо.

Өрүктөргө жаңы гана колун тийгизген кыз эми эшекке боору оорубаган чоң энесин жаман көзү менен карады: “Урба!” деп урушуп койбойбу...

Ширеси таарга жабыша түшкөн өрүктөрдү ыкчамдык менен чыгарып алып, сөөгүнөн ажыратып аткан кыздын оюн эми өздөрүнүн короосундагы жалгыз тытка бурулду. Азыр батыраак барып, инилери тура электе мөлтүрөп бышкандарын баарын терип жеп алса. Кыз күн сайын ушинтет, андан калганын үйдөгү башкалары жейт. Кайсы шакка чыгып, кайсы бутакка жармашып, тыттын эң бышкандарына жетсе болоорун кыз там башында отуруп жакшылап болжоп карап алат эле.

Кемпир да тамдын башын жакшы көрөт. Өрүк жайылбаган учурда да саар-кеч бир чыгып, түшөт. Чыгат да тээ алыстагы чоң жолдон айылга бурулган жерди тиктеп отура берет. Көшөрө жол караган көзү талып кеткенде, көтөрө чыккан ийигин ийире баштайт. Анда деле көзүн жолдон албай утуру бир карап алат. Кокус жат машине айыл жакка бурулуп калса жүрөгү дүкүлдөп, уулу азыр ошол машинеде кирип келчүдөй шатырдан шашып түшүп, жоолугун оңдоп, ай-буйга келбей, айылдын идарасына жол тосуп жөнөйт. Согушка кетип, өлүү-тирүүсүнүн дайыны билинбеген уулу энесин далай жылдар ушинтип көз каратты.

Бир күнү там башында адатынча телмирип отурган кемпир чоң жолдо акырын жүрүп келаткан танкты көрдү. Ордунан тура калды. Колун пешенесине коюп алып, дагы карады, чын эле танка..., эсинде, согуштагы уулу акыркы катында танка айдаймын деп жазган эле. Ошо, болду болбоду уулу танкасын айдап келатсачы. ..

Оов, Жоробайым, алдыңа кетейиним!

Эненин жүрөгү бир оодарылып алды.

Кемпир шатыдан ылдам түшүп, көчөгө чыкты. Адатынча идарага жөнөдү.

– Танка, танка келатат! - Алдынан чыккан ким болсо колун чоң жолду көздөй сермеп, ушул сөзүн айта берди. Жаш балдар аны “танка көрөбүз” деп ээрчип алышты. Кемпир айылдын этегине келгенде чоң жолдогу танк көрүнбөй калган эле. Ал ылдыйда жаңы ачылган аскер бөлүгүнө бурулуп кеткен.

– Кана танка, апа, жок го!? – муну ээрчиген балдар чурулдай түштү.

– Азыр эле келаткан, көргөм...- Колун пешенесине алып бет алдын телмирген эне ындыны өчө жол четине отура калды. Кемпир көп отурду, турайын десе буттары ооруп, денеси таштай оор. Аны күн батаарда үйгө алып келишти. Энесинин акыбалын көрүп, мектепте иштеген кичүү уулу ага катуу эскертти:

– Апа, көрүнгөн машинеге чуркаганды токтотуңуз эми, картайдыңыз. Авамдын кабары чыкса өзүм айтып келем сизге!

Ушинткен баласы энеси чыгып, түшүп жүргөн тамдын бооруна тирелген шатыны да алып салды, жыгылып кетпесин дедиби, же аялынын сөзүн колдоп, апам жол караганын токтотсун дедиби, ким билет. Кемпирдин келини кайын энесинин жол карап, жөн эле убактысын короткону жактырбайт, андан көрө ийигин көбүрөөк ийирбейби, чеберлерге гилемби, таарбы токуттуруп алат эле элге окшоп. Эбак жок болгон адамды жөн эле күтө бергенден эмне пайда, колунда турган уулун ойлобойбу. Танк окуясынан кийин келини эрине көптөн бери ичинде багып жүргөн оюн ачык айтты:

– Авама куран окутуп, ашын берип, энемдин кыжаалатчылыгын бир жаңсыл кылалы да ?

– Аны ойлободу дейсиңби? Мойнумдагы жүктөн мен да эртерээк кутулсам болот эле. Апам буга жол бербейт… – Кемпирдин уулу чайын чала ичип, дасторкондон туруп кетти.

Кемпир эми ийигин көбүрөөк ийирип, коргондон чыкпай отуруп калды. Анан эле бир күнү ойдо-түштө жок бир окуя аны дагы көчөгө түрттү. Бул жолу кемпирди эч ким токтото албады. Коңшу айылдан бирөөнүн согушта дайынсыз жоголгон уулунан почтого “тирүүмүн, жакында жолугабыз” деген кат келиптир. Энеси жүрөгү жарылып кеткенби, бу кабарды уккандан кийин тез эле каза таптыр. Шоруң катыр, уулуна жолукканга үлгүрбөптүр. Там башын жакшы көргөн кемпир эми күн сайын почтого каттаган адат тапты. Почто ташыган машина качан келип- кетерин билип алган. Келет да кеңсенин кире беришиндеги отургучка көчүк басып, таягына кош колдоп жөлөнүп алат. Жакшы кабарды угуп, ушул жерде өлүп калсам да мейли дейт. Жакшы кабарды күзбү, жазбы угаармын деген ниетте почточуга “ме” деп бере койгонго сүйүнчү пулу да дайын, кемселинин оң жак чөнтөгүндө, бет аарчысына түйүп салып алган. Аны кемпир сары майдай сактап, үйдөгү зарыл кем-карчка да бере турбайт.

Ошол күнү, октябрь майрамынын алдында, почтого кат-кабар көп келип, кирген-чыккандар да көп эле. Кемпирдин жүрөгү түйлап отурду, ошончо каттын бири уулунуку болуп, почточу азыр “сүйүнчү!” деп чыга калса кана... Кемпир чөнтөгүнө колун салып, акча түйүлгөн бет аарчысын кармап койду. Так ушул маалда Мамат араккеч почтонун ичинен антандап жүгүрүп чыкты.

– Аяш эне, сүйүнчү! Авамдан кат келиптир!

– Эмне дейт!? - Кемпир ордунан олдоксон тура калып, колунан таягы ыргыды, буттары шилтенбей, почтонун эшигине жетпей жыгылып кетти. Жыгылган тейде чөнтөгүн сыймалап, бет аарчыга түйүлгөн пулун калтыраган колдору менен Мамат араккечке сунду.

– Ме, айланайын...

Эртеден бери арак эңсеп, жаны карайган Мамат араккеч акчаны алаары менен почтодон анча алыс эмес турган дүкөн тарапка чуркады. Кемпирдин жүрөгү “шуу” деп алды. Калп айткан жокпу, куурагыр, бу Мамат?! Ал мени алдады окшойт…! Бу араккечтин уятсыз, калпычы экенин эми эстеди. Ичи өрттөнүп кетти.

– Жоробайым, алдыңа кетейиним! - Кемпир жер тытып, озондоп ыйлап жиберди. Кеңседен чуркап чыккандар, көчө-көйдөгүлөр топтолуп, бири аны айтып, бири муну айтып, кемпирди эптеп сооротуп үйүнө апкелишти.

– Мамат араккечке капа болбоңуз, оозуна сала берсин, эми почточунун өзүнөн чындап жакшы кабар угуп калаарсыз...

Бул окуядан кийин төшөккө жатып калган кемпирди ушул сөз алаксытты, ишенгиси келди, калп болсо да жакшы кабарды бир ирет угуп, көз ирмемге болсо да сүйүнчүнүн даамын таткасына каниет кылды. Өлөр-өлгөнчө Мамат араккечтин почтодон чуркап чыкканы, сүйүнчүлөгөнү көз алдынан кетпеди.

Кийинки өрүк бышыгы маалда кемпирди там башынан көрбөй калдык. Чоңойо түшкөн небере кызы өзү жалгыз өрүктөрдү бирден кармап, ичинен данегин сыгып алып, күн кызыгыча шашып, баш көтөрбөй иштеп атат. Анын мурдагыдай эки жакты элеңдеп, эркелеп карап, маашырланган кейпи жок. Жанында өрүк тырмалап отурчу чоң энесинин ордун кээде адашып бир нерсе айткысы келип карап алып, таппай умсунат. Эркелете ырдаган ырын эстейт, каргылданган доошун сагынат:

*“Кызымды*
*алмалары топулдап*
*түшкөн жерге беребиз.*
*Өрүктөрү ийилип*
*бышкан жерге беребиз...”*

– Эне, ырдабачы бул ырды, жаман ыр экен!

Бакта төгүлүп аткан алмаларды, өрүктөрдү терип, жыйнагандан тажаган кыздын бул ырды уккан сайын кыжыры келе берет эле.

Бул ыр кызга азыр да жакпайт. Бирок бу “жаман” ырды ырдаган чоң энесин кыз өтө жакшы көрөт эле. Көзүнө жаш тегеренди.

№04 (290)
28 04 2023
kyrgyztili@mail.ru

# Демостун оош-кыйыштары жана антиномиялары



**БЕКБОЕВ Аскарбек Абдыкадырович, Философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек синирген ишмер, Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы Кеңешчиси.**

Ургаалдуу учурдун катаал логикасына ылайык учкул мезгилдин канатын кайрыган маталган мейкиндик өз огунан тайып, алардын өз ара жалгашы жаңы нукка түштү. Мындай, көндүм акыл-эстин эски парадигмасына кайчылаш, табияты боюнча кырды-бычак кырдаалдын түзүлүшү адамдык парасаттын өз субстратынан окчундашы, оолакташы менен түшүндүрүлөт. Орой коммунизмдин кыртышсыз квазисоциалисттик туюнтмалары, формасы менен мазмуну шайкеш келбеген талап-эрежелери эгерим инсандын биопсихосоциалдык табиятын, нукура каалоо-мүдөөсүн эске албаган капарсыз шартты жаратса анын текебер капшабы менен кайдыгерликтин жашоо талаптарын басаңдатып, илгери үмүткө кедерги демилге-аракетти тушап келди. Меники, сеники, аныкы эмес менчиктин жаңы мутанты аны жараткан коомдук түзүлүштүн өзүн муунтуп-демиктирип зили түбүнө жетти; эски менен жаңы тогошуп, өткөнчак менен келерчак жалгашкан учурчак кечээкинин айгактуу илдетинен арыла албай алектенип улам барган сайын караанды дааналанган келечектен көзүн албайт.

Желкелеп-жакалаганга ык коюп буйрук менен коомдун ымаласын бура бастырбай башкарып келген ... акимчиликтин думуктурган доорuна буктурма-бөгөт койгон мыйзамды эш тутуп, укуктук маданиятты утурлаган учур өткөндүн дың тарткан кыртышынан жаңыдан кылтыйып бүчүр байлап келаткан чак. Адамзат акыл-эсинен жаралып, уңгулуу табияты менен уютkулуу коомдук кубулушка айланган де-мократия тиричиликтин өр тартышын шарттап келгендигин тарых таасын ырастап келди. Демократия (демос-жер-аймак, өлкө, калк, эл: кратос - күч, кубат, чеп, кубаттуулук, бийлик) бүгүн эле түндүктөн түшө калган көрүнүш эмес, ал карт тарыхтын катаал логикасы менен шартталып, нечен кылымдар бою калыптанып келген терең мазмунга эгедер туюнтма көрүнүш. Антидемократизм (демократия), авторитаризм (авторитеттүүлүк), жана тоталитаризм (антиавторитаризм) сыяктуу антиномиялар курчап турганда демократиянын же анын антиномияларынын чындыкка айланышына бирдей шарт түзүлөт. Демек, мындай кырдаал туруктуу мүнөзгө ээ боло элек калпыс учурда дагы бир ирет маани-мазмуну, логикалык парасаты боюнча коошпогон түшүнүк-парадигмалардын табиятына концептуалдык экскурс жасап, эс-акылдын элегинен өткөрүп алуу азыркы мезгил талабы.

Платон өз мезгилинде демократиядан башка тимократия (бийлик кадырлуу жарандарга тиешелүү мамлекеттик түзүлүш), олигархия (азчылыктын бийлиги), плутократия (байлардын бийлиги) жана тирания (узурпатор), охлократия (башкарууга мүмкүн эмес стихиялык түркөй топтун бийлиги) өңдүү саясий бийликтин формаларын иликтеп, аларга мыктылардын (философтордун) бийлиги иретинде аристократияны карама-каршы койгон. Аристотель бул белгиленген мамлекеттик түзүлүштүн формаларынан сырткары «полития» жана «монархияны» анализдеп, аларды саны боюнча айырмаланган: «монархия» менен «тирания» - жеке адамдын бийлиги; «аристократия» менен «олигархия» - өзгөчөлөнгөн азчылыктын бийлиги; «полития» менен «демократия» - коомдун, көпчүлүктүн бийлиги деп сыпаттаган. Сапаттык маңызынан алганда Платондун пикири боюнча монархия, аристократия - туура кубулуштар, анткени аларда бийлик коомдук кызыкчылыкка багытталган, ал эми тирания, олигархия жана демократия, ойчулдун пикиринде, жеке эгоисттик кызыкчылыкка багытталып туура эмес, жат бийликтин формалары катары мүнөздөлөт.

Тынымсыз өнүгүп-өзгөрүп келген демократиянын (түшүнүк, проблема, бийлик формасы катары) табиятына сиңирилген табышмактуу маани-мазмундун түйүндүү сырлары тарых туңгуюгунда. Биздин эрага чейинки биринчи миң жылдыкты ортолоп Байыркы Грециядагы шаар-мамлекеттерден (полистерден) башат алган бул кубулуш. Бирок, анын бүлбүлдөгөн бийлиги кийинчерээк республикалык Римде, падыша менен императорлордун арааны жүрүп турганда (б.з.ч.509-27 ж.ж.) дагы бир ирет жарк этип жанып, андан соң тилекке каршы көп кылымдар бою дээрлик Жаңы мезгилге чейин дымып калды. Демократия дымыды бирок биротоло тындым болгон жок, анын кайрадан жанданып, жаңыланып доор сүрүшү Европанын, Түндүк Американын (АКШ) шыбагасына туш болду.

Учкай белгиленген тарыхый таржымал тастыктап тургандай демократия бүгүн эле түндүктөн түшө калган жок, же анын ички табияты азыркы жамгырдан кийинки кызгалдактай жайнап кеткен «демократиялык» аталган уюмдар менен өлчөнбөйт. Анын татаал табияты, терең маңызы курч, кайчылаш драматизмде жатат. Мезгил менен мей- киндиктин мерчемдүү тогошуусу, заманга жараша ооматы жүрүп келди. Жөндүү-жөнсүз жактагандар да, жактабагандар да болду. Ойлом диалектикасын кылдат терең билип аны чөйрө кубулуштары менен жеткиликтүү туюндурууга далалаттанган кеменгер ойчул Гераклит «караңгы көпчүлүккө караганда, парасаттуу азчылык арбын» шекилиндеги оюменен демократизмден шектенди. Пифагорчулар болсо ата салтын улоого ыктаган консерваторлорго ошондой эле элдик жыйындар аркылуу жогорку бийликке катышууну жактагандарга бөлүндү. Көпчүлүктүн ниети, добушу менен кабыл алынган чечимди (демократиянын түйүндүү жобосун) шылдыңдаган Антисфен афиналыктарга «эшекти ат деп эсептөөнү» көпчүлүк добуш менен чечип берүүнү сунуштады. Анткени ал өзү таасын белгилегендей «жөнөкөй добуш менен жүгүү бош, шалаакы наадандар аскер башчысына айланган. Платон да ниетинде антидемократ, ал «көпчүлүк» деген сөздү «акылсыз», «наадан» маанисиндеги сөздөр менен айкалыштыра колдонгон. «Мамлекет» деген трактатында мындай сүрөттөмөлөр-шилтемелер бар. Демократиялык мамлекеттин граждандары, калдайган калың топ талаш-тартыш, ызы-чуу менен эркиндикти, бийик дөөлөт туткан демократиялык мамлекетте бийликке баш ийгендерди өз эрки менен кул болгондорго айлантат. Устаты шакиртинен, улуулары кичүүлөрүнөн, эркектер аялдардан, эркин жашагандар кулдардан, эл үй айбаттарынан коркушат: «... ат менен эшектер эркин, каалагандай өжөрчүлүк менен чыгып сүйлөгөнгө көнүп бүтүшөт», орой наадандык - билгичтик, азоолук - эркиндик, нысапсыздык - эрдик катары көрүнөт.

Демократиянын үлгүсү катары кадыр-барк алып келген Европанын тарыхында көпчүлүк ойчулдар демократиялык түзүлүштү сындап келишти. Жан Жак Руссо эл өз депутаттарын шайлаары менен эркиндикке ээ эмес, ал андан ажырайт, деп эсептеп өкүлчүлүк (депутаттык) демократияны жактырбай, мындай мамлекеттик түзүлүш чакан өлкөлөр үчүн гана ылайыктуу шекил оюн далилдеп келди. Фашизмдин идеологдору Бенито-Муссолини, Адольф Гитлер - келишпес антидемократтар. Алар миф, саясий теңдиктин жалгандыгын, наадандык, коркоктук деп жоопкерчиликке коошпойт өңдүү эпитеттерди байма-бай колдонуп, демократияны четке кагышты.

Гитлер коомду «элдик организм» деп атап аны үч бөлүккө бөлөт: «эң мыкты адамдардын полюсу» - алар өзгөчө эрдик көрсөтүүгө, өздөрүн курмандыкка чалууга даяр; «эң жамандардын чордону»; үчүнчү бөлүк-белгиленген эки полюстун ортосундагы эрдиги менен да, кылмышы менен да айырмаланбаган зор масса». Мындай фашисттик мааниндеги тираниялык түзүлүштүн пайдубалын түзгөн шилтеме - ортоңку катмарга карата текебер мамиле жасоонун үлгүсү. Огунан тайып оомат болгон заманы менен кошо тарыхтын урандысында калган кайчы- лаш, бири-бирине келишпес ой-пикирлерге азыноолак кайрылганыбыздын жөнү демократиянын табияты, «тагдыры» канчалык татаал экендигин астейдил белгилөө. Демократиянын бурушу менен кошо дурусун дааналап сезе баштаган бүгүнкү учурда да жогорудагыдай маанайдагы, диктатураны ыктаган кескин пикирлер жок эмес. Мындай калпыс пикир, асыресе, көпчүлүктү түзгөн орто чөйрөдөгү калктын интеллектуалдык деңгээли талапка ылайык эмес сымал ой бүтүмгө таянат. Бирок, демократиялык түзүлүш ошол көпчүлүктү түзгөн калктын мүдөөсүн, эркиндигин, укугун коргоого багытталганын эске алышпайт. Көпчүлүктү жол башчылардын эркиндигине багынтып, тарых дөңгөлөгүн каалагандай калчай берүүгө болбой тургандыгын турмуш канча жолу ырастады.

Эгерде ошончолук эле орто чөйрөдөгү көпчүлүктөн иренжип турсаң, анда анын деңгээлин диктатура аркылуу эмес, накта демокра-





тиялык жол менен көтөрүү жагын ойлонуп көрүү абзел. Бекеринен Аристотель жөндүү, туура демократия-полития жөнүндө ой жүгүртүп, артыкчылык, жакшылык (добродотель) эки четки, кайчылаш социалдык - жакырчылык менен байлыктын ортосунда дебегендир. Жакырчылык, жокчулук-эзет, ал эми байлык бузат шекил.

Бүгүнкү күндүн бийиктигинен байыркы ойчулдардын орошон ойлоруна текебер мамиле жасоо адилетикке жатпайт. Ошентсе да көпчүлүктү азчылыктан төмөн коюу же аларга көз каранды кылып, баш ийдирүү калыстык эмес. Көпчүлүк да, азчылык да табияты боюнча ар кыл, эгерим алар бири-бирин толуктап коомдук бүтүндүктү; биринин оюн, пикирин, мүдөөсүн бири шөкөттөп, эриш-аркак бир мезгилдин үзүрү болуп жалпы мейкиндикти түзүп турат. Демократияга жамынып алган кубулма псевдодемократия да учурдун ургаалына жараша демократиянын антиномиялары. Демократияны «охлократияга» айландырган же көмүскө оокатка жол ачып, коррупциянын чырагына май тамызган дал ошол «дарбып» чыга калган, «өзөгүнөн өрт жанган» псевдодемократия.

Көпчүлүктү аморфтуу жупуну масса катары теңсинбей кабылдап, антидемократиялык аң-сезимде кыт куйгандай орноп калган стереотип ой бүтүмдүн далдаасынан стихиялык импульска сугарылган көпчүлүктүн чыныгы дарамет-маңызын, дүрмөтүн көрбөй калуу бери дегенде көрөгөчтүккө түк коошпойт. Азчылыктын ой-мүдөөсүнө кош көңүл мамиле жасап алардын пикирин эске албоо - калпыстык. Кара кылды как жарган калыстыктын пайдубалы-көпчүлүк менен азчы-лыктын айкалышы. Колунда бары да, жогу да күндүзү чырак менен жол издебей, коомдук туруктуулукту (стабилдүүлүктү) эш тутуп эриш-акак аракеттенсе демократиянын ак жолу ачылып, анын антиномияларынын (авторитаризм, тоталитаризм) жолу буулары бышык.

Демократияны адатта шайлоо менен теңейбиз: мезгил-мезгили менен жашыруун добуш берүү аркылуу коомдун эки тизгин бир чылбырын кармаган бийлик ээлери шайланат, шайлангандардын алдында жооптуу, аларды мыйзамдуу жол менен «тактыдан» четтетүү жагы каралган. Демократиянын түйүндүү концепциясын кыскача ушундайча туюндурса болот десек чындыктан алыстабайбыз. Бирок мына ушул демократиялык кырдаалдын өзүндө да анын жолун бузган «өздөн чыккан жат же өзөктөн чыккан өрт» бар. Түзүлгөн шарттын ыгына жараша шайлангандар (же шайланып бийлик бутагына аралашкандар) салыштырмалуу эркиндикке ээ болушат да, ошол замат аны абсолюттуу эркиндикке айландырууга мүмкүнчүлүк алышат. Мындай мүмкүнчүлүктү чындыкка айландырган, бийлик бутактарына аралаш өз көмөчүнө кул тарткан төбөлдөр болуп келген, азыр да бар. Демек, демократияны сырттан, ичтен муунткандар же ага жамынып алып «менден кийин топон суу» жобосун эш туткандар жок эмес.

Демократияны туруктуу сактап калуунун ишенимдүү жолу аны окуп-үйрөнүү экендиги талашсыз. Ал анархия эмес, эркиндик менен тартиптин татаал айкалышы. Ал И.Канттын аныктамасы менен айтканда - «категориялык императив», ар бир инсандын эркиндиги ага окшогон башкалардын эркиндиги менен чектелип турат. Албетте, демократия жана парламентаризм - айрым мезгил бүктөмү менен түшүндүрүлгөн чектелгендиктерге ээ, бирок тарых тастыктагандай бүгүнкү күн үчүн мүнөздүү объективдүү теңсиздикти теңдештирүүнүн бирден-бир сыналган жолу. Ошентсе да демократияны ыксыз ыйык авторитетке, кубулушка айландыруунун да кажети жок.

Албетте, алгылыктуу коомдук түзүлүштүн формасы иретинде демократия өз маңыз-дараметине жараша авторитетке ээ болбосо көпчүлүктүн колдоосуна татыбайт. Бирок, анын авторитети жогоруда учкай белгилегендей, авторитаризмге айланып кетпей, андан алыс болушу абзел. Чыныгы авторитет анын карама-каршылыгы болгон анархиядан оолак, ал эми авторитаризмдин «балчыгынан» сактай турган ишенимдүү жол - демократия экендиги талашсыз. Арийне турмуш нугу маал-маалы менен туштугуп, кишенделип-тушалып келген ав-торитаризм адатта бийликке баш-оту менен байланган пенделерин же «жон терисин сыйрып алса да кың» дебеген кулга айландырат же ызага муунуп, бийликтен көңүлү калып наараазы болгон жупуну жарандардын айбаттуу каршылыгын жаратат. Бийлик чыныгы урмат-сыйга ээ болгондо гана, качан ал чындап элдин кызыкчылыгын көздөгөндө гана көпчүлүктүн имитацияланган жасалма эмес колдоосуна ээ болгондо гана жарандар аны эч качан «айдагы» жок эле, өз эрки менен урматтайт, кадыр тутат. Ушундан улам байлык, бийлик бир эле бийликтегилер үчүн эмес, эл үчүн экендиги так-таасын, дайын, ачык болушу абзел. Өз мезгилинде Линкольн адилет белгилегендей демократиялык бийлик эл үчүн, эл аркылуу жүргүзүлөрү табигый, талашсыз пикир. Ошентип, демократиянын табиятына ишеним-ынаным, ал эми авторитаризмге коркуп-үркүтүү, зордук-зомбулук мүнөздүү. Демек, авторитардык эмес, авторитеттүү демократия келечектүү.

Демократиянын дагы бир белгилүү антиномиясы, жогоруда кыска бирок нуска дааналанган авторитаризмдин туундусу - тоталитаризм. Бийлик менен жарандардын ортосундагы мамиле катаал бир жактуу мүнөзгө ээ болуп, адамды мамлекет (мамлекеттик тоталитаризм), партия (партиялык тоталитаризм) же идология (идеологиялык тоталитаризм) тарабынан баш көтөртпөй басмырлаган диктатуралык түзүлүш-тоталитаризм. Мындай, коомдук мамилелер алдын-ала жөндөлүп-маталып турган кырдаалда, бийликтин үстөмдүгү белгилүү деңгээлде «кызыл камчыга» айланат. Кимдин ким экендигин же кимдин ким боло турганын, кимди сыйлап же кимди сындашты турмуш чындыгы эмес, элден четтеп, чындыктан оолактап, кандайдыр ыйык мүнөзгө ээ болгон, тоталитаризмден өнүп чыккан бийликтегилер чечип калат. Кептин ыңгайына жараша белгилей кетүүчү нерсе, тоталитаризмдин шылтоосу менен мамлекетти таптакыр жерип (анархия), аны авторитардык кубулушка айландыруу өңдүү калпыс пикирлерден алыс болуу же мамлекеттин зарылдыгы менен тоталитаризмдин зарылдыгын чаташтырбоо абзел. Ошондой эле, келечек максат канчалык нарктуу бийик болгон күндө да тоталитаризмге каршы аракет (антитоталитаризм) өзү тоталитардык ыкма-мүнөздө болбошу анык, анткени мындай учурда биз бир тоталитаризмдин ордуна эгиз тоталитаризмге ээ болобуз.

Демек, антитоталитаризм бийлик үчүн күрөш эмес, тескерисинче аны демократиялаштырууга болгон аракет. Ал адамдын жаралгандан эгедер болгон ыйык парасаттарын ага көз арткандардан, тагдырды каалагандай калчап тамашага айландыргандардан сактоого багытталышы жөн. Ал адамды кандайдыр жасалма механизмдин «жансыз» тетигине же өз башына өзү ээ болбогон макулукка, өзүн-өзү аңдоо кудуретинен ажыраган манкуртка айландырууга каршы. Антитоталитаризм инсандын кызыкчылыгын көздөгөн инсаниеттын ниети, мүдөөсү, тилеги, аракети. Бирок ал өзү да баскан-турганына, жүрүм-турумуна жоопкер болушу шарт. Жоопкерчиликти аңдабай туруп, эркиндикти оңой-олтоң олжо тутуп аны өзүм билемдикке айландыруу же тартипти башаламандык менен алмаштыруу накта демократиянын табиятына коошпойт, тескерисинче мындай учурда анын антиподдоруна жол берилет. Эркиндиксиз жашоого болот, ал эми тартипсиздик, өзүмбилемдик, башаламандык менен жашоо да мүмкүн шекил пикирди эш тутуп, демократияны анархия сымал туюнуп ага оң-тетир мамиле жасоо да жараксыз.

Тоталитаризм шартында жолбашчы (бийлик башчысы) гана эркин, анын эркиндиги эч качан жоопкерчилик менен чектелбейт, анын эрки-амири мыйзамдан бийик аны багындырып турат, ошондуктан өзүмбилемдик, кыянаттык вертикаль мүнөзүнө ээ болот. Бийликтин өзүмбилемдиги менен анархиянын айырмасы жокко эсе: бири вертикаль, бири горизонталь нугунда аракеттенет. Деген менен, ар кыл маңыз-мазмундагы, аракет багыттагы антиномиялардын чамасын чактап, байлап-матап турган так өлчөмү - нарк - насили тариздеги жоопкерчилик менен эркиндиктин таамай айкалышында. Нарк-насилге негизделген жоопкерчиликсиз эркиндик, ал эми эркиндиксиз накта жоопкерчилик да болушу мүмкүн эмес. Тоталитаризм шартында жупуну жумурай-журт эркин эмес, алардын жоопкерчилиги жөнүндө жобону «монополиялап» алган жолбашчынын (бийликтин) эркинен чыга албайт.

Мындай абал ичинен ириңдеген тоталитаризм өзүн-өзү жерий баштаганга чейин улана берет, туңгуюкка камалган жаран-пенде ызасын, ар-намысын коргой албай тоталитаризмдеги жосунсуз жоругунан уялып басып келет. Кылдат иликтеп келсек тоталитаризмдин да тамыры тереңде, анын башаты Платондун окуусунда. «Сонун шаар» аталган бактылуу мамлекет жеке адамдын бактысы менен эмес, жалпы бакыт менен түптөлөт. Устатынын мындай пикирине Стагирит кантип бактысыз бөлүктөрдөн, бактылуу жалпылык пайда болсун маанисинде каяша айтат.

Тоталитардык дүйнөкараштын философиялык негизи логикалык калпыстыкта: кандайдыр абстрактуу жалпылык анын жалпылыгын, курамын түзгөн жекеликтерден оолактап, алардан обочо турган карама-каршы кубулушка айланат. Бекеринен Аристотель, «Сонун шаарда» камтылган тоталитаризмдин тамырын кылдат туя билип жалпылык-жекеликтердин үстөмдүү эмес, ал өзү жекеликтерде дебесе керек. Айтор, жеке инсан-пендеден оолак туруп, ага үстөмдүк кылган мамлекеттик түзүлүш уңгу-затынан ажыраган кубулуш, ал эми мамлекетти, коомчулукту көзгө илбей эркиндикке элирген, жоктон барды жаратууга умтулгандар өзүнүн ким экендигин, кайдан-жайдан экендигин билбеген манкуртка тете.

Азчылыктын көпчүлүккө баш ийиши же демос бийлиги сыдыргыга салгандай шыдыр эмес. Булуң-буйткасы, дурусу-бурушу, күнгөйү-тескейи бар. Бирок ошентсе да Линкольндун оюна кошулбай коюга болбойт.Демократия кратологиянын өзөгү...

# Түрк, кыргыз, казак жана хандар санжырасы

*(үзүндүлөр)*




**Шакарим КУДАЙБЕРДИ уулу**

***

Чыңгыздын улуу баласы Жоочу өлгөн соң анын ордуна Жоочу баласы Бату хан болду. Аны орустар Батый дешет. Анын лакап аты Сайын хан болчу. Ал орус журтун каратып алган 1241-жылдан соң иниси Бүргө хан болду, Жоочудан мурда Едил Жайыкта кыпчак аталып турган түрктөр бар эле. Бүргө хан кезинде үч ордого: Алтын ордо, Ак Ордо, Көк Ордого бөлүнүп, баарынын үстүнөн Алтын Ордону Бүргө хан ээлеп турган. Ак Ордого Жоочунун Шибан деген баласы, андан берки көчмөн элдери Көк Ордо аталып, ага Жоочунун Токойтемир деген баласы хан болду. Биздин Абылмансур Абылай хан ошол Токойтемир насили.

***

Галдан хан Абылайды 1743-жылы бошоткон. Ошондо Галдан хан Абылайга үч суроо берет. Бири: "Элиңде кой көппү?". Абылай көп десе: "Койчу – калпычы, кой – ууру" деген сөз бар, элиңдин ушак-чыры басылбас" дептир (Галдан – которм.). Экинчи суроосу: "Элиңде уй, жылкы көппү?". Абылай көп десе тиги: "Анда элиң эмгексиз, сүт менен кымыз ичип, эт жеп, балдары акылсыз туулат десеңчи" деген экен. Үчүнчүсү: "Элиң эгин салабы?". "Салбайт" десе, "Андай болсо жердин эмчегин эмбеген эл, эл да болсо нечен оодарылып, журтка токтобос" дептир.

## Кара Кыргыздар

Орто жүздө кыргыз уруулары бар. Көп эмес. Алар (мурдагы) туткундар. Кыргыздар эң байыркы эл. Кыргыз деген сөз казактай эле мааниде – "кыдырып жүргөн, эркин (өз алдынча көчүп жүргөн жапайы)". Ы. П.га чейин үчүнчү кылымда эле кыргыздар Тянну-Ола жана Ала-Тоо ортосундагы жерлердн көчүп жүрүшкөн. Чыңгызхан мезгилинде кыргыздардын ханы Арыс-айнал болгон. Айнал – кыргыздардын хан даражасы. Аты – Арыс. Чыңгызхан багынып берүүсүн талап кылып элчиси Барини (Турамыш) ага жиберет, кыргыздардын ханы анын шартын кабыл алып, кымбат белектери менен ак шумкарды тартуу кылат. Абул-газинин маалыматтары боюнча алардын бабасы Кыргыз Огузхандын неберелеринин бири болгон. Кыргыздар ошонун урпактары. Азыркы учурда кыргыздардын негизги бөлүгү өздөрүнүн байыркы жеринде Санташ ашуусунан тартып (Ала-Тоонун баш кыркалары) Памир тоо чокуларына чейин жашап турушат.

Алар оң жана сол (Ала-Тоонун капталы боюнча) кыргыздарга бөлүнүшөт. Алардын уруулары: бугу, сарыбагыш, солто, черик, багыш, саяк. Бул, алты уруу Сагай дегендин урпактары. Дагы үчөө – адыгине, муңгуш, ичкилик – Адыгине бутагы. Акыркы эки уруу- биздин кыпчактар, кыргыз болуп калышкан аргындар менен наймандар. Биз, кийин казак аталып калганыбыз менен чындыгында биз дагы кыргыз тукумунанбыз.

# Палбан-Таш кайда?

*Абылкасым Ташмаматов аксакалдын айтканы боюнча.*

Кыргыз жеринде кызыктуу сырларга бай жерлер көп. Ошолордун бири жөнүндө баяндап берейин. Ал жер Алай районуна караштуу Чоң-Бүлөлү айылынын керемет жайлоосунда жайгашкан.

Чоңдугу бир чарчы метрдей, калыңдыгы отуз сантиметрдей таш Палван-Таш деп аталат.

Чоң-Бүлөлүнүн Абышка-Оозу деген жеринен башталган коргондой болгон Ак-Зоо Кичи-Бүлөлүгө чейин созулуп жатат. Бул Ак-Зоо коргон сыяктуу созулуп, андан адам же жаныбар өтө албайт. Ошол жерде керемет жерлер бар. Жаанбайды көчкү алган, Сары-Кыр чаты, Бугу жайлоо деген жерлер аркылуу Ак-Зоого барасын. Ак-Зоонун аты Ак Жал деп аталат. Анын антип аталып калышынын себеби ошол зоодо бир ак жалдуу теке болгон экен. Ал текени жергиликтүүлөр атышпаптыр. Ыйык жаныбар катары, көп жыл ошол зоону байырлап жүрүптүр. Ошол Ак Жал текеден улам ал зоо Ак Жал деп аталып калыптыр.

Кудайдын кереметти менен ошол зоодон Көк-Суу тарапка өтүп кете тургандай бир адам аты менен баткыдай жол бар. Ошол жол аркылуу жолоочулар Көк-Сууну көздөй өтүшүп, Көк-Суудан келе жаткандары Чоң-Бүлөлүнү көздөй каттап турушат. Башка бир да ормок жок. Мүмкүн жоокерчилик заманда бир чоң чабыш болгонбу же башка окуя себепкерби ал белгисиз. Ошол жол (кыя) аркылуу качкандар жол жүрүшөт. Арттагы куугун, алдыда качкандар. Качкандардын арасынан бир жигит, же өзү эле жалгыз качканбы белгисиз. Ошол өтмөккө келип өтүп, өтмөктөн бир топ эле алыс жаткан ташты көтөрүп келип, аны тосуп коюп жолун улантkan экен. Куугун келсе жол тосулган, башка жол жок. Качкын же качкындар кутулуп кетишиптир. Ал ташты кийин аргаларды калтек жасашып, бир топ балбан жигиттер ордунан козгоп, ордунан жылдырышып жолду ачышыптыр. Ошол балбан жигитти эстеп жүрүш үчүн баягы ташты кулатпай жол четине коюп коюшуптур. Ал таш ушул кезге чейин жатат, Палбан-Таш деп аталып. Абышка-Оозунан күркүрөп Чоң-Бүлөлүнүн суусу агып чыгат.

Ошол Ак-Зоонун түбүндө он бештей карагай өсүп турат. Ошонун айланасындагы башка чөлкөмүндө карагайлар жок. Бийик өскөн арчалар бар. Ал жерде өскөн карагаттар Абышка-Оозунан башталып, Көк-Суунун белине чейин атайын тигилгендей болуп өсөт. Төмөнүрөөктө өскөн карагайлар бийик болуп, улам жогорулаган сайын жапыздай баштап өсүшөт.

Ошол жердеги арчаларды Согуш мезгилинде, андан кийинки алтымышынчы жылдарга чейин, токойчулар келип, дарыя менен агызышып, атайын саржан деп тизип даярдашкан. Ошол учурдагы курулган курулуштарга пайдаланышкан. Оорукана, мектеп ж.б казыналык мекемелерге отун кылып жагышкан.

Ал жердин дагы бир өзгөчөлүгү, башка жерде өспөгөн алмачык деген бадал өсүмдүгү бар. Жыгачы алманын дарагындай кызгылтым. Аябай катуу, андан балта сап жасаса болот.

Ошол өткөн доорлордун күбөсү болгон Палбан-Таш дале ордунда, Палбан жигитти эске салып тургансыйт.



**Мусабек АТАБАЕВ
Алай району. Сопу-Коргон айылы**

# Копкон-Таш баяны

Кереметтүү кыргыз жеринин кооздугун айтпасам да окурмандар өздөрү билишет. Айтылуу Алай өрөөнүндө да кооз, сырдуу жерлер көп, ошолрдун бири Копкон-Таш. Ал жер Айлама жайлоосунун кире бериш жеринде. Биздин жашоочулардын тили менен айтканда Айламанын оозунда Копкон-Таштын маңдайы Үч-Жылго, этек жагы Далда-Кара-Суу, туура жагы Тоң-Мурун деп аталат. Тоң-Мурун деп айтылып калганынын себеби, ал жер деңиз деңгээлинен бир топ бийик. Абасы суюк, суук болуп турат. Адамдын бети, мурду ачык болгондуктан мурун үшүп, тоңуп калгандыктан тоң мурун деп аталып калган. Копкон-Таш Сары-Таштан Эркеч-Тамга кетип жатканда жолдун сол тарабында турат. Бул таштын бийиктиги 1 метрден бийигирээк. Убакыт өтүп анын түп жагы бир топ чөгүп кеткен. Бул ташты ошол кездин балбандары ат байлай турган мамы катары пайдаланышкан деген божомол менен кошо жерлерди бөлүшкөн чек катары деген да айыш кептер бар. Ушул таштын тегерегинде, Тоң-Мурундан түшүп кетип атканда, оң тарабында Шоро жакка кеткен Коктунун ичинде, кайсы доорго таандык экени белгисиз чоң стадиондун калдыгы турат. Бул калдык адамдар тарабынан жасалганы билинип эле турат.

Формасы сүйрүрөөк, тегерек. Ортосунда тегиз аянт, оюн кура турган сыяктуу. Тегерек дөңсөөдө адамдар отура тургандай текчелердин орду бар.

Ушул жерлерди атайын тарыхчылар археологдор барып көрсө, мүмкүн тарыхка керектүү маалыматтар табылышы мүмкүн.

Ош- Сары-Таш, Эркеч-Там жолунда жарыш жайгашкан байыркы жолдун тоому бар. Кашкар тараптан келип, Алай өрөөнү аркылуу өтүп, батышты көздөй, көөнө тарыхта Кара-Тегин, Бадахмедианды көздөй кеткен жолдун тоому жатат.

Бул жол аркылуу мезгилинде Улуу Жибек Жолунун бир бутагы өткөн экен. Бул жол менен кербендер бир канча кылым каттажкан. Жолдун эни болжолдоп алганда 10-15 метрдей бар.

Жолдун тоому алигече чейин турганынын себеби, ал жол аркылуу кытай, уйгурлардын эки дөңгөлөктүү арабасы, сатып алынган үйүр жылкылар, короо-короо майда жандыктар коңшу мамлекеттерге өтүп турган. Ошондон улам жолдун изи азырга чейин сакталып турат.

Бул жол аркылуу атактуу Венециялык көпөс, саякатчы Марко поло, Тарыхта аттары белгилүү. Илимге Азия чөлкөмү тууралуу маалыматтарды берип, ачылыштарды жасаган окумуштуу географтар Арронцуз Бонвело, испед С. Гединдер өтүшкөн.

Мен ушул жерде Улуу Британиялык премьер-министри У. Черчилдин бир сөзүн кыстара кетүүнү туура таптым. Ал мындай дейт: "Народ забывший свое прошлое, утратил свое будущее". Көөнө тарыхты, жерлердин аттарын өсүп келе жаткан муундарга жеткизип берүү биздей, улуу муундардын ордун (алтымыштан ашкан) баскан замандаштарыбыздын милдети.



# Мээнеткеч кесипкөй мугалим



## Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги Гуля Нусубалиеванын 35 жылдык иш тажрыйбасы.

*Ар бир кесип ардактуу дегендей мугалим окуучуга билим берүүдө, аны келечектеги жашоого даярдоодо күнү-түнү дебей өзүнүн талыкпаган эмгегин аябайт. Чыдамкайлыкты, талбаган эмгекти талап кылган мугалимдик кесиптин коомду калыптандыруудагы жана өркүндөтүүдөгү мааниси зор экени талашсыз. Мына ушул асыл кесиптин ээси - англис тили сабагынын мугалими Гуля Нусубалиеванын 35 жылдык иш тажрыйбасы жөнүндө кеп кылалы.*

Гуля Нусубалиева 1988-жылы Бишкек шаарындагы азыркы И. Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин чет тилдер факультетин аяктап, ошол эле жылы Талас районундагы Ак-Жар сегиз жылдык мектебинде немис тилчи мугалими болуп эмгек жолун баштаган. 1991-жылы Талас районундагы Талас-Арык орто мектебинде, 1992-жылы А. Нуржанов орто мектебинде англис тили мугалими болуп иштеген. Окуучулардын билим сапатын көтөрүү максатында, окуучуларга сүрөт менен сабак өтүп, англисче жомокторду аткартырып, ыр ырдатып жана семинарларды өтүп, өзүнүн кесипкөйлүгү менен таанылды.

1992-1912-жылдары Талас районунун чет тилдер бирикмесинин жетекчиси, 1997-жылы "Эл эмнеге муктаж" долбоорунун координатору болуп эмгектенген. 1994-1995-жылдары "Жылдын мыкты мугалими" кароо-сынагына катышып райондук этапта 1-орунду, облустук этапта 2-орунду ээлеген. 1995-жылдары Сорос Фондусуна пилоттук мектеп болуп, мектепте англис тили ийримин жетектеген. Өзүнүн билимин жогорулатуу үчүн "Тынчтык корпусу" менен иштешип, көптөгөн сертификаттардын ээси болгон. "ФЛЕКС" программасы боюнча тестирлөөдөн 1 окуучусу өтүп, АКШ да билим алып келишкен.

1992-жылдан 2017-жылга чейин жыл сайын даярдаган окуучулары англис тили сабагы боюнча окуучулардын предметтик олимпиадасынын райондук, облустук этаптарында 1,2,3-орундарды камсыз кылышып жана республикалык этапка жолдомо алышкан. Олимпиаданын жыйынтыгы боюнча А.Нуржанов атындагы орто мектебинин англис тили предметинин олимпиададагы ийгиликтери боюнча Талас районуна таанымал мектептердин бири болгон. 2007-жылы Б.Исаковдун "Сармерден сабак" кароо-сынагына катышып, сабагы "эң жакшы" деп бааланган.

Жогорудагы жетишкендиктери үчүн Талас райондук элге билим берүү башкармасынын бир нече Ардак грамотасы; Талас облустук билим берүү башкармалыгынын бир нече Ардак грамотасы; Талас райондук администрациясы тарабынан ардак грамотасы; Кыргыз Республикасынын Билим жана Маданият министрлигинин Ардак грамотасы; "Эл агартуу отличниги" төш белгиси; "Кыргыз тили" төш белгиси жана Ардактуу мугалим" төш белгиси менен сыйланып, эл оозуна алынган.

2008-жылы "Айылдык билим берүү долбооруна" катышып, "Устат Мугалим" наамына ээ болгон. 2016-жылы Талас районундагы "Бөбөк нуру" балдар бакчасынын директорлугуна сунушталган. Жаңы ачылган бакчага күнү-түнү иштеп, демөөрчү таап, жетишпеген кемкарчыларын толуктап, бир жылдын ичинде бакчаны шаардын бакчаларынын катарына теңеп, элдин сыйына ээ болду.

Коомдук иштерге да активдүү катышып, айылдын жашоочуларынын чечилбеген көйгөйлүү маселелерин да жакындан чечип, айылдагы жаш келиндерге өзүнүн үйүн чакан тигүүчү цех кылып уюштуруп берген. Цехти тигүүчүлөр үчүн ыңгайлуу кылып, кеткен чыгымдарын өзүнүн эсебинен каржылады. Тигүүчүлөргө өз үйлөрүнөн тиккенге тигүүчү машиналарын сатып алууларына да жардам берген. Гуля эже элдин көпчүлүк добушу менен Нуржанов айылдык кеңешинин депутаттыгына шайланып, айылдык кеңештин депутаттарынын төрайымы болуп шайланды. 2018-жылы Талас райондук, шаардык билим берүү бөлүмүнө методист болуп которулган. 2020-жылы аралыктан окутуу мезгилинде өткөрүлгөн "Эң мыкты видеосабак" кароо-сынагына катышып, 2-орунду ээлегендиги үчүн Талас шаардык билим берүү бөлүмүнүн Ардак грамотасы менен сыйланган. Талас райондундагы, шаарындагы мектептерге өзүнүн усулдук жардамын көрсөтүп, райондук, шаардык деңгээлде семинарларды, тренингдерди жана иш-чараларды уюштуруп турат. 2020-жылы "Жылдын мыкты усулчусу" наамына ээ болгон. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 30-жылдыгына карата райондук, шаардык масштабда өткөрүлгөн "Улуу муундан-улуу мурас", "Ата-энелер мектеби" программасы боюнча "Энелер - эл мектеби" жана англис тили предметинен "Children like fairy tales and singing songs", компетенттик негизде окутууда жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу максатында "English time" жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 Жарлыгын ишке ашыруу максатында "Тазалык шаарыбызга, шаарыбыз баарыбызга" аттуу кароо-сынактардын уюштуруучусу. Гуля Нусубалиева жогорудагы иш тажрыйбасы үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин Ардак грамотасы, "Кыргыз Республикасынын Ардактуу айымы" жана "Кутман айым" төш белгилерине ээ болуп, журт кадырлаган сыймык ээси болду.

Гуля эже эки уул, эки кыздын мээримдүү энеси, уулкыздары жогорку билимдүү. Учурда алар ар кыл кесиптин ээлери.

Гуля эже менен маек курганымда өзүнүн талыкпас эмгеги жөнүндө айтып берсе, эмгекчил айымдын эмгегине, элге кылган кызматына суктанасың. Баарлашып жатканда өзүнүн өмүрүнөн бир көз ирмем эскерди: "Алгачкы иштеп келген жылдарым али эсимде. Ак-Жар сегиз жылдык мектеби ачылып, насаатчым Акинай деген немис тилчи эженин артынан калбай сабактарына кирип методикалык тажрыйба алдым. Акинай эже сабак өтүүнүн түрдүү ыкмаларын үйрөттү. Талас-Арык орто мектебинде иштеп жүргөнүмдө дем алыш күндөрү мектепке барып, мектептин сыртына отуруп окуучуларга кошумча сабак өтүп жатсам Жолдош агай кароолчу эле. Мектепти ачып бер десең ачып берет элем деди да, мектепти ачып берип, окуучуларды класска киргизип сабак өткөнүмө абдан сүйүндүм. Агай мага ыраазычылыгын айтып, мени мактаганы эсимде. А.Нуржанов мектебинде 1992-1993-жылдары окуучумду (Бердикеева Чынара) райондук олимпиадага катыштырып, 3-орунду ээлегенден кийин мени окуучуларды олимпиадага даярдап чыгарууга кызыктырды. Мен кийинки жылдары өзүмө кичинекей магнитофон сатып алып англис тил ийримин уюштуруп, окуучуларга сүрөттөрдү тарттырып, ырларды ырдатып, жомокторду аткарттырып, окуучуларды даярдоо үчүн өзүм да көп изденчүмүн. Олимпиадага катыша турган окуучуларды үйүмө жатырып алып даярдоочумун. 1992-жылдан 1997-жылга чейин мен "Бөбөк нуру "балдар бакчасына жетекчи болуп кеткенге чейин жыл сайын даярдаган окуучулар олимпиададан 1,2,3 орундарды ээлеп келишкен.



Мен окуткан окуучуларым Америкада, Англияда, Австралияда, Кытайда, Түркияда иштешип, англис тилин жакшы үйрөнгөндүгүнүн пайдасы жашоосундагы эң жеңил мыкты жолу табылгандыгын айтышып ыраазычылыгын билдиришет. Ал эми мен даярдаган окуучуларым кыргызстандын билим берүү тармагында медицина жана башка кесиптерде атактуу, ардактуу кесиптин ээлери болушкандарына абдан сыймыктанамын", - дейт Гуля Бектуровна сөзүнүн акырында.

Ардактуу мугалим, эл сыйлаган кадырман айым, балдардын мээримдүү энеси Гуля Бектуровнанын эмгеги кыргыз мамлекетибизди өнүктүрүүгө кошкон зор салымы деп эсептөөгө болот. Талыкпаган эмгеги менен мугалимдерге үлгү боло берсин демекчимин!

**Каныбек КУРМАНБЕКОВ,
И.Раззаков атындагы КГТУнун окутуучусу**

№04 (290)
28 04 2023
kyrgyztili@mail.ru

# Үгүтбригада

**(Жыргал замандан бир баян)**

**Бахтияр ШАМАТОВ**

*Биздин убакта шаарга келип окууга өтпөй калгандар тимеле абдан бир осол иш кылгансып негедир айылга кайтып барганды намыс көрүшчү. «Баланчанын баласы окууга өтпөй кулап кайтып келиптир!» деген жагымсыз кабар айылга заматта желдей тарап кетчү, көптөрдүн кайкайган намыстуу башын жерге салдырган, көөнүн кирдеткен жагдай мына ушул эле. Эсимде, менин бир классташ досум Фрунзеге келип, 5 жыл катары менен юрфакка тапшырып өтпөй жүрдү, кургурдун прокурор болом деген аттын башындай арманы ошол бойдон ишке ашпады. Атасы эл башкарган биргат эле, «уулум прокурор болот, сот болот» деп бакылдап жүрүп ааламдан өтүп кетти бечара, уулу Фрунзе заводунда катардагы карапайым жумушчу болуп жүргөнүн, жылда талаада калгыр юрфакка тапшырып, жылда «чабылып» жүргөнүн түк билген жок.*

Онунчуну аяктап шаарга келип мен да окууга өтпөй калдым, журналистика факультетине эки жылдык эмгек стажы менен гана алат экен, ошондуктан үйдөгүлөрдүн кеңеши менен политехте мугалим болуп иштеген алыс жакыныраак жездемди караан тутуп, документтеримди ошол жакка тапшырып салгам. Ишенген жездекем менин пара бере турган түрүм жок экенин билер замат мага болгон кызыгуусу жоголду, алтургай, Көлгө эс алып келишим керек деп өзү кошо жоголду. Эжекем болсо бир аптага жеткирбей «ордуңду тап» деген заар сөздү ачык айтты да, батиринен (балконунда жашап атам) сылык кууп чыкты.

Мындай мамиледен кийин шаардан абдан көңүлүм сууп, пейили кенен айылга кайттым. Армияга кеткенче колоктоп бош жүргөнчө бир жумуш табайын дедим. Ал кезде жумуш деген толтура, жумушсуздук маселеси деген таптакыр жок заман. Көпкө буйдалып отурбай түз эле райондук маданият үйүнө бардым да жасалгалоочу-сүрөтчү деген штатка кирип кеттим (баса, бул кесиптин үзүрүн армиядан көрдүм). Мектепти жалаң бешке окуп бүтсөм, кетмен чапмак белем. Кылган жумушум - кинонун афишасын жазам, анан майрамдар сайын «Жашасын Советтер Союзунун коммунисттик партиясы!», «Беш жылдык планды үч жылда аткарабыз!», «Жумушчу дыйкан табына даңк!» деген сыяктуу эмгекчилер парадка көтөрө турган кызыл -тазыл ураан плакаттарды жазмай. Айтор, жашоого наразы эмес элем, ай сайын 27 сом (рубль) 60 тыйын айлыгымды алып коюп иштеп жүрдүм.

Жыргап жүргөнүмдү бирөө жеткирип барганбы же өзү байкаганбы, айтор, бир күнү маданият үйүбүздүн деректири, таланттуу обончу жана аткаруучу, Аксынын кулуну, ырамалык Абдыкерим Алымов, абдан маданияттуу, сылык жигит эле, мени кабинетине чакырды да: «Алыскы кыштоолордогу чабандарга маданий тейлөө көрсөтүү үчүн атайын үгүтбригада түзүлдү. Сени ошол автоклубка башчы деген кызматка дайындадык, мындан ары ошол автоклуб менен иштейсиң. Бул жерде быкшып жата бербей, кышкы таза абага чыгып, кыштоолорду кыдырып кел», - деди. Шеф айткан соң жок дей албайсың, куп болот дедим.

Маданият үйүнө орустар «бөлкө» деп койчу менчик «Рафиги» бар эле. Жалаң эркектерден куралган биздин үгүтбригада ошону минип алып жумасына бир жолу алыскы короолорго чыгып, концерт коюп келип жүрдүк. Жашырган менен болобу, үгүт топтогу артисттерибиз (чыгармачыл адамдар эмеспи), узун жолду ичкилик менен кыскартууга ышкыбоз адамдар экен. Айла жок, өзүнчө бөлүнүп коомдон сыртта кала албайсың, кемеге түшкөндүн жаны бир. Чоңубуз да, демилгечи анабашыбыз да деректирдин оң колу Маннап Максимович. Жетекчилик атайын акча бөлсө керек артисттердин тамак-ашына деп. Машине ордунан жылаары менен эле шеф шоопурга: «Көк дүкөнгө кайрыла кет!» деп буйрук берет. Дароо бирөөнү чуркатат. Тиги урган бойдон барат да 1-2 кил колбаса, 2-3 банке «кильки» балык, бөлкө нан, анан албетте 2 шише «экстра» арактан апкелет. Тамак -азыктын баарын апкелери менен Маннап Максимовичтин сүрдүү өңүнө кан жүгүрүп, көздөрү наристеникиндей күлмүңдөй түшөт, алакандарын ушалап жиберет да шак эле: «Сапаш, давай, куй эми бирден, сыртта суук кычырап турат, биртике ичти жылытып албасак болбойт. Партиянын тапшырмасы деп өлүп кетелиби эми!» - деп чый-пыйы чыга шопурга бакылдап жиберет.

– Биз, артисттер, жан дүйнөсү үлбүрөгөн назик адамдар болобуз, бизге шарапсыз (Омор Хаямды тууроп, бүт эле ичкилик аттууну а киши ушинтип койчу) жашоо жок, жашоонун кызыгы да жок! – деп аңгеме баштайт. – Аялзаттарга арналчу ашыглыкты эсепке албаганда, шарап да бардык замандарда биздей чыгармачыл жандарды алдыга түрткөн, шыктанткан кыймылдаткыч болгон. Ар бир атактуу акын өзүнүн тамшандырган ырларын, кайталангыс сонет казалдарын эмненин таасири астында жараткан? Туура, шараптын. Бирок карагыла, ичет деп эле түбүнө түшүп кетпегиле, ченемди билгиле дайыма. Ошондо баары сонун болот. Ичип жатып алсаңар анда пачак болуп бүткөнүңөр ошол, кайсы бир күнү бир кашаанын түбүндө тыркыйып жаткан бойдон күм-жам болосуңар. Ит билеби, араңардан балким Эрмек Мойдуновдой же Утёсовдой атактуу ырчылар, же жогеле



дегенде жооптуу кызматта иштеген мендей мыкты жетекчи чыгаар. Менин айткандарымды ошондо эстеп, ыракмат дээрсиңер. Бирок мен буга анча деле ишенбейм, анткени силердин кебетеңер суук, каракчыдан айырмаңар жок, чеккениңер насвай, ичкениңер барматуха. Анан силерде кайдан чоң сахнага чыга турган дем болсун? А чоң сахна дегениң үкөлөрүм, биздикиндей кейпи кеткен, полун чычкан кемирип кеткен жер эмес, ал касиети, сүрү калтыратаар сырдуу жер, чоң сахна жарк эткен чыныгы таланттарга гана багынат! Бирок кыялдана бергиле, анын зыяны жок», - деп узун насаат сөзүн айтып туруп алат, бирок эки көзүн бөтөлкөдөн албайт.

Жүздөн үчүнчү жолу алгандан кийин шеф кызып калчу да анан тартынбай этпей эле итинеби же эшегинеби кырча тиштетип алып кыскарып калган сөөмөйүн чычайта мактанып кирчү.

– Мен студент кезде группадагы эң мыктысы болчумун. Артыман не деген сулуулар жүгүрбөдү. Рыспай менен эки жолу кол алышкам. Алтынбек Сапаралиев менен да жакшы элем. Каныкей Эралиеваны болсо силерди көргөндөй эле күндө көрчүмүн! Ошончүн мынабу шалдыраган машинеде чогуу отурсам эле силер ойлобогула мени, жүргөн бирөө деп! Силер мени өзүңөрдөй кеңкелес көрбөгүлө? Эх, атам катын алып берип үйгө байлап койбогондо мен да шаарда калып, дагы окуп, балким Паваротниктей, Карузодой же бери эле дегенде Кобзондой чоң ырчы болуп кетмекмин. Силер ким болуп кетипсиңер, жүрөсүңөр да эптеп бутка чалынып. Мен Фрунзенин, Оштун көчөлөрүн таптап, баш кесерлер байырлаган Кокон базардан самса жеп жүргөн жигиттерденмин эй! Кимиңдин колуңан келет бул? Силер сары чака тыйынга турбаган жарыбаган бечара жашооңордо эмнени көрдүңөр? Покту да көргөн эмессиңер! Мен... мен деген...

Так ушул маалда кепке Хамитжан аттуу өзбек кесиптешибиз аралашты. Ал абдан шайыр, тамашага жакын жигит эле. Тордо, рубапта (өзбектерде улуттук музыкалык инструмент) ойноп, ырдачу. Маннап Максимович экөө теңтуштардай катуу тамашалашчу, бирок ээзели тарынышчу эмес.

– Э Маннап аке, сиз Ошто окудум дедиңиз а? Хоп дейли. Анан Фрунзада жашаган Каныкей Эралиеваны кантип күндө көчөдөн көрчү элеңиз, чоту окшошпой калып ататко бул жагы? Паворотник деп атасызбы? Бул машиненин чырагы го, ушундай да ырчы барбы? Лапшаны илип аткан жоксузбу? – деди бизге жымыңдай көз кыскан Хамит.

Кызык жерине келгенде сөзүн оозунан жулуп алган мындай орой кийлигишүүдөн Маннап Максимович бышкан дарбыз «тарс!» этип жарылып кеткендей ахывалда калып, ошол замат шатырата коё берди:

– Э жаптваймат сарт! Былжыраба! Мен эмне десем ошондой! Поворотник эмес Паваротти деген француздардын (италиян экенин Маннап аке билбейт окшойт) улуу ырчысы бар, көк мээ! Тым отур, болбосо азыр алдыгы көчүгү томпок дутарың менен кошо сыртка ыргытам, кысталак! Сапар үка, токтотчу бир кылбатыраак жерге, даарат ушатып албасам калта болбой кетти!

Артисттердин баары кыраан -каткы, Хамит болсо шыпылдап арак айлантат кайрадан. Таң калганым, бир короого жетип токтосок элдин баары түштү, бирок шопур акебиз Сапарды сууруп туруп көтөрүп түшүрүштү! Көрсө, Сакең да зыяпаттан четте калбай, кууруп калган көсөөдөй тарбайган манжалары менен байкатпай, улам тегеренип жаткан ыстыкандан илип алып согуп келаткан турбайбы... Шопурлар айткан жанагы «автопилот» деген ушул тура.

***

Бир топ жол жүрүп, жол жүрсөк да мол жүрүп, түш ченде бир койчунун короосуна жеттик. Ысык менен суукка карабай коомдук малды семиртип, эл менен партияны багып аткан чабандарга совет өкмөтү абдан кастарлап мамиле кылаар эле. Азыркы капиталисттик Кыргызстанда кудайын таанабай көпкөн соттор менен прокурорлорду социалисттик Кыргызстандагы совет бийлиги ошол чабандарга уполномочун кылып бирден короого айдап ийчү. Резиңке өтүктү кийген сот менен прокурор акелериң күнү-түнү короодо чыла кечип, чабандын көзүнүн карасы менен тең айланып, эмне кеми-көсү болсо дароо бажарып турчу. Кудай бетин салбасын, чабандын оозунан бир ооз эле наразы сөз чыкчу болсо, партия

алардын эки көзүн оюп алчу. Бул эми азыркы жаштарга жомоктой угулаар...

Биз келген короодо да райондук бир жетекчи нөөмөттө экен. Үгүтбригада шаанисин кылып Самат бапылдата аккордеонун тартып, Хамит дутарын, Азамат манделинин чиңкилдетишип, мен гитараны кыңгырата өзгөчө шаң менен ырдап түштүк. Чабан, бала-бакырасы, уполномочуну, сакманчылары менен ичкериден атып чыгып, иттеринен өйдө баары бизди жардана карап туруп калышты.

Маннап Максымович эл аралык абал тууралуу лекция окумак, баштаганда эле чабан шарт кести:

– Жолдош артисттер, концертти баштагыла, күн сууктап кете электе. Лекцияга ыраазыбыз.

Жолду ката майдалап келген арактын табы менен маданий тейлөөнү жарым саттай убакта бүтүрдүк да кеткенге кам урдук.

– Үйгө киргиле, чай даяр! – деди чабан. – Үшүгөн жоксуңарбы? Беркиден кандайсыңар? Аз-аздан атаарсыңар? – дегенде Маннап Максымовичтин кубарып турган жүзүнө кан жүгүрүп, алаканын ушалап, кубанганынан өзүнөн өзү каткырып ийсе болобу!

– Ап баракелде, мына бул айтканыңыз башка кеп, атаңызга ракмат, киребиз албетте, сиз чакырып атсаңыз биз кантип кирбей кетебиз, - деп чабанга жагалдана аны имере кучактамыш болуп үйүнө бет алды, артынан биз ээрчидик.

Куурдактан тоё жеп, беркиден сеп этип алган соң кийинки чабандын четки короосуна бака -шака түшүп жеттик, артисттердин ырасмисине сала дагы шаңдуу ырдап түштүк эле, чабан үйүндө мас экен, ичкериден чапанын желбегей салып атып чыкты да шатыратып кое берди:

– Ток...токтот наамайы дутарыңды, кысталактар! Иттин баарын чочутуп!

Турган ордубузда катып калдык. Не болсо да замдеректир деген сөөлөтү бар Маннап Максымовичтин тамылжыган жүзү мындай орой мамиледен кара көк тарта түштү да, алдыга бир кадам таштап бек-бек жооп кайтарды:

– Жолдош чабан Баланчаев! Биз бул жерге сиздин жеке чакырууңуз менен келген жокпуз! Бул эмне дегениңиз? Биз деген партиянын тапшырмасы менен маданияттуу тейлөө көрсөтүү үчүн келдик. Кыязы, аз-маз жинди суудан ууртап да алган окшойсуз, бул кандай? Өзүңүз коммунист чабан болсоңуз, коомдук малды таштап коюп үйдө жатканыңызга жол болсун? Кана уполномочун? Кана жардамчыларыңыз?

Чабандын тоготоор түрү жок. Чакчасын алып чыгып насвайдан оозуна толтура урду да дагы опурулду:

– Эй, шен кимшиң өзүң, мага пирказ бергидей?! Мен райком менен раиске баш ийем, шага эмес. Концерт-монцертиңердин кереги жок, келген изиңер менен артыңарга кайта бергиле. Үйдө менден башка жан жок, концерт коёт имиш. Бар, ташыңды тер!

Эч нерсеге түшүнбөй калдык. Маннап Максымович үнчүкпай алдыга басып чабанга жакындады эле, тиги үйүнө кире качып, ал жактан кош атар мылтыгын көтөрүп чыкса болобу! Биз болсо замдеректирди таштап, арткы үрккөн бойдон машинеге кире качтык.

– Мен сага кет деп атам! – бакырды кызуу чабан.

– Шеп, теңелбей эле коюң, кете берелиачи, - деди бери жактан терезеден мойнун созгон шоопурубуз Сапар аке. Бирок замдеректирдин тайсалдап, артка кайта турган түрү жок эле. Анткени анын ичинде да жетишерлик даражада тап бар эле. Анүстүнө замдеректир өзүнүн узак жылдардан берки зөөкүр чалыш бай тажрыйбасында мындайлардын далайын көргөн эр окшойт.

– Эй, чорт! Алдагы мылтыгыңдан коркот деп турасыңбы?! Кана атып көрчү, эшейген ит койчу, деги мунуңда огу барбы? – деди да түз эле барып туруп чабандын мылтыгын колунан жулуп алды да, четке ыргытып ийип өзүн тамактан бууду. Барскандай муштумун бетине такады да кырылдаган үнү менен сөгүп кое берди:

– Азыр ушул муштум менен бир муштасам, турган жериңде накаут кетесиң, падарыңа наалат! Чабан болбой өл! Адам болбой өл! Кое тур, сени эртең эле бюрого салдыртпасамбы, Маннап атым өчсүн.

Анан бизге карап кыйкырды:

– Эй суу жүрөктөр, чыккыла бери! Мына силер күбөсүңөр мунун кылганына. Курал менен угроза кылды! Ит аткандай атам дейт бизди! Бул ким экен? Азыр буга акты жазам, баарыңар кол коесуңар! Керек болсо темир торго тыктырам! Советтик закун менен ойногусу бар мунун! - бакырды Маннап Максымович. – Сендейлердин далайын көргөнбүз! Эшек куртуңду мурдуңдан агызып койгонго кудайга шүгүр, кудуретим жетет! Баш кесерлер байырлаган Кокон базарда бекер жерден самса жеп жүргөн эмесмин мен...

Жиндиге жинди гана тең келет дегендей, окуянын күтүлбөгөн жерден башка нукка бурулуп кеткенин көргөн чабан не кылаарын билбей кайсалактап, деректирдин чайнектей муштумун коркуу аралашкан урматтоо менен улам карап, жоошуй, анан соолуга да түштү. Иштин чатак экенине көзү жетти окшойт. Чын эле жалгыз экен үйдө, жанатан бери эч ким чыкпаганына караганда.

– Жиг... жигиттер, саал өзүмөн кетип калды. Кечиресиңер, үйгө киргиле, чай-пай ичип дегендей... Катын да балдарды алып айылга кеткен эле, жалгыз өзүм табым кичине айнып дары болоор бекен деп аз-маз жарымтадан ууртап алдым эле. Малды помощнигим багып жатат, - деди болбураган күнөөлүдөй түр менен.

Маннап Максымовичтин күткөнү ушул сөз да.

– А бу башка кеп. Күнөөсүн дароо моюнга алган нагыз коммунисттин иши. Ооздон чыгармай жок. Өткөн ишке салабат. Эми мындай: сиз бизди азыр жакшылап карайсыз, анан сылык – жумшак машинага отурабыз да, кете беребиз. Кана, карын май, каймак сүттөн алып чыгыңыз. Берки болсо да каршы эмеспиз, күндүн ырайы бул, же баарын жалгыз жайлап таштагансызбы, запас -мапас деген бардыр дейм, ха-ха-хаа?

Ортого дасторкон жайылып, бетине сары май басылган килейген көңтөрмө патыр нан, майы шырылдаган каттама келди нават кошулган ысык чай менен, артынан чөбөгө, эк -үч катый түшкөн чабаты келди. Шыпылдаган чабан козудан кем калышпаган килейген бир үндүгүн көтөрө чаап, куурдак кууруп жиберди (жамааттагы эң жашы катары мен ага жардамдашып турдум). Тамак ортого коюлары менен Маннап Максымович ооз ачалекте чабан анын оюн окуп тургансып, ички бөлмөгө кирип кетти да ал жактан мөлтүлдөгөн «Пшеничный» арактан бирди көтөрүп келип ортого койду. Ыраазы болгону ушунчалык, Маннап Максымовичтин көзүнөн тыркырап жаш куюлуп кетчүдөй эрөкеп отурду.

Ойдо жок кызыктын баары оттуу «Пшеничныйдын» экинчи шишеси ортолоп калганда башталды. Сөздүн тике маанисинде айтканда, концертти баштадык, жалгыз көрөрман деген чабан да бизге кошулуп артис болуп кетти, «Анжиянский полканы чал», - деп Хамитти кайра-кайра кыйнап тарбаландап бийлете берди, дарылдаган үнү менен биз угуп көрбөгөн кайдагы бир эски ырлардан созолонтту, артта калган жаш кезин эстеп, кичине көз жаш да чыгарып жиберди чабаның түшкүр. Айтор, болгон бугу чыкты окшойт, бир кезде ички үйүнө кирип кетти да ошол бойдон жоголду. Кирип карасак коңурукту кош тартып, жакында ойгончу түрү жок уйкуга кеткен экен. Саат түнкү он бирден өтүп кетиптир. Бизде барган жерде жатып калмай адат жок болгондуктан «бөлкө РАФка» отурдук да райондун борборун көздөй жол тарттык. Машинени арак ичпеген дутарчы Хамит айдап кетти. Баса, шоопурубуз Сапар акенин үйүнө жеткирип барсак балдары дарбазасын ачпай койду такыр эле. Тажаганда мүшөктөй кылып дубалынан ашыра короосуна түшүрдүк эле, тыштагы чыракты кимдир бирөөсү чыгып күйгүздү. Аялы экен. «Кимсиңер?» - деп кыйкырды эле, Маннап Максымович: «Эриңди апкелдик, мас, дубалдын астында жатат, киргизип ал», - деп кыйкырып койду да артка кайттык.

Ошентип мен кышы бою райондук маданият үйүндө иштеп, 1979-жылдын жадыраган майында аскерге кеттим.

# Талыкпас эмгек ээси

## *Амангелди* МИСИРОВ






*МИСИРОВ Амангелди – балдар акыны жана жазуучу. Сузак районунун Чапкындык айылында 1943-жылы 9-февралда туулган. 1951-жылдан «Кызыл пахтачы» орто мектебинде окуган.*

1966-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүрүп, эмгек жолун Сузак районундагы В.И.Чапаев атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. Кийинчерээк «Кызыл пахтачы» орто мектебинде, Ош шаарындагы В.Терешкова атындагы мектеп-интернатында мугалим, 1989–1993-жж. Ош, Жалал-Абад облустук гезиттеринде журналисттик кызматтарда иштеп, 1994-жылдан мугалимдик кесибин улантып келет.

1973-жылдан анын ыр, аңгеме, жомоктору «Кыргызстан пионери», «Байчечекей», «Ленинчил жаш» гезит-журналдарында жарык көрө баштаган. Балдар үчүн жазган чыгармалары республикалык, облустук телерадиолордон да берилип келген.

Балдар үчүн жазылган ырларына обончулар тарабынан обондор чыгарылган.

1990-жылы «Балалыктын үнү» аттуу алгачкы китеби «Адабият» басмасынан басылып чыккан.

2000-жылы Ош облусунда жарык көргөн мектеп жашындагы таланттуу балдардын «Жаш кыял» деген ырлар топтомуна баш сөз жазган.

«Күн, суу, адам, шамал ж.б. жөнүндө» аттуу жомогу 3-класстын хрестоматиясына, чыгармалары А.Токтомаметовдун «Адабий окуу» китебине киргизилген.

«Ош – 3000», «Ош пирим – 2000» сынагынын лауреаты болуп, «Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

Жалал-Абад шаарынын мэриясынын жана шаардык Кеңешинин Ардак грамотасына татыктуу болгон.

1989-жылдан Кыргызстан Журналисттер союзунун, 1998-жылдан Кыргыз Республикасынын Жазуучулар союзунун мүчөсү.

### Жарык көргөн китептери

Кыргыз тилинде
Балалыктын үнү: Ырлар. – Ф.: Адабият, 1991. – 17 б.
Акылдуу улактар: Аңгеме, Жомоктор. – Ош, 1993. – 32 б.
Сүрөтчү булуттар: Ырлар. – Ош, 1995. – 52 б.
Ырым-жырымдар жана түш жоруу. – Ош, 1997. – 38 б.
Күн, Суу, Адам жана башкалар жөнүндө жомок. – Ош, 2007. – 46 б.
Дүйшө палван: Даректүү аңгеме. – Ош, 2007. – 67 б.
Мекен ташы: Ырлар. – Ош, 2008. – 44 б.
Күн, Суу, Адам жана башкалар жөнүндө жомок, Аңкоо дөө...: Аңгемелер. К-те:Кубан бөбөк. - Б.: Учкун, 2009. - 52-57-б.
Акылдуу бол: Аңгеме, жомок, ырлар. – Ош, 2010.
Ыйман сыры: Ырлар, жомоктор, ангемелер - Бишкек, 2012
Тартипсиз мамалак: Жомоктор - Бишкек, 2011

№04
(290)
28
04
2023
kyrgyztili@mail.ru



# Ажайып Дүйшөн ЖАПАРОВ

Дүйшөн ажайып иним эле да... Анда мен “Кутбилим” газетасында иштейт элем. Экөөбүз качан, кандай, мезгил, күнү кырдаалда жолукканыбыз жадымда калбаптыр. Калганы ушул – кол алышканда эле аты уйкаш, идеялаш, ат-башылык, чын мүнөз, адабиятка ышкыбоз экенибизди илгиртпей түшүнүштүк. Ошондон тарта негедир ал мени ар дайым өзү айттырбай же телефон чалбай эле капыстан издеп келе берчү...

Эгемендиктин алгачкы жылдары болчу, заман, жашоо, адам мамилелери аңтар-теңтер болуп кетти. Бирок Дүйшөн эч өзгөрбөдү - баягыдай эле мээримдүү көз караш, копол кыймыл, дуңгул келбет мүчө, ыкыласы түшкөн адамга уккуң эле келээр чебер оозеки аңгемечи катары кала берди. Баса, бир аңгемеси боорду жудаа эзе күлдүргөн...

Ошол токсонунчу жылдардын оро парасында тээ аксылык, өзү менен бирге окуган Гүлбара аттуу кызга үйлөнүптүр. Кыскасы, колуктусун өз айылы Ат-Башынын Кара-Суусуна алып барат. Анан жаңы келиндин калыңына делген төрт-беш жылкыны артынан келип калган кайын иниси менен мингенин минип, калганын жетекке алып Ак-Талаа, Тогуз-Торо, андан Көк-Арт ашуусу аркылуу жүрүп отуруп Аксыдагы кайын журтуна өзү жеткирген экен кайраның! Аралык канча, күндөр, түндөр... Муну а балким, ал кездеги кыргыздын бир да жигити аткара алмак эмес. Бул апенди мүнөз, тубаса акын, өжөр Дүйшөндүн гана колунан келип отурбайбы, атаңдынгөрү дүнүйө...

Кийин ошол Гүлбара келин андагы кыргыз эркезаттары ишсиз калып, алгачкы Президент Акаев бүлгүнүнүн “курмандыгына” айланып шалдырап үйлөрүндө бакма катары олтуруп калган кездерде жалпы кыргыз зайыптарынын эрдигин кайталап, үй-жайына локомативдик милдетти аркалап чыга келди. Азыр деле ал келинибизди ошол эле Москва көчөсүнүн жээгинде жер-жемиш сатып отурганын ары-бери өткөндө көрүп, кээде саламдашсам, кээде эркектик намыстан тартынып кыйгачтай өтүп кетем.

А Дүйшөн баатыр эмне кылды? Мындайда акын эмне кылмак эле? Ыр жазды, куулук-шумдукка, эпчилдикке эби жок, ал эмес радио, телевизор ж.б өзүн-өзүн жарнамалаган берүүлөрдөн жаа бою качаанак таланттуу акын таптакыр жалгыз калгандай болду. Узун сөздүн кыскасы, мага бир боорумдай ыйбалуу Кыргыздын бир таланттуу уулу артына ай жаркын ырларды жана өзүндөй өнөргө жакын Эсенгулдай уулду жана Сайрадай кызын таштап, бу дүйнөдөн жигит куракта дегидей эле, дагы эле эч кимге анча белгисиз бойдон өз үй-бүлөөсүнүн кашында дүйнөдөн өтүп кетти... Ошол эч кимге окшобогон, айрым саптары афоризмге айланып кеткен Дүйшөн акындын ырларынан окурманга да шиңгил-устукан тартуулагыбыз келди бүгүн...

**Дүйшөн КЕРИМОВ**

## Калемге

*Эми канча күн жүрөбүз билбеймин,*
*Таштап кетпей жанымда жүр өлгүчө.*
*Сенден калып мен өзүмдү ким деймин,*
*Жанымды алсын мени сенден бөлгүчө.*

*Апаат болсом Ат-Башыга көмөрсүң,*
*Анан жалгыз жолуңду улап жөнөрсүң.*
*Каңырыгың түтөр ыйлап буркурап,*
*Муздак, бырыш маңдайымдан өбөрсүң.*

*Аяк-башым бууба эркин таштайын,*
*Көзүм түшүр, көөдөнүмдү ачык кой.*
*Моло орнотуп көрүнөөгө дапдайын,*
*Күнгөйүнө мына минтип жазып кой:*

*Коркунучта колдон жүрөр арбак бол,*
*Жаман жолдо бутум сынса балдак бол.*
*Мизим сынса аскаларга урунуп,*
*Кайра чыңап, кайрап турар кайрак бол.*

## Чеч-Дөбө

*Кара-Койун, Ат-Башы куйушунда,*
*Канчалаган кылым бар турушунда.*
*Туу кырында боз тайлак боздоп турат,*
*Намаз шамда, азыр да угушумда.*

*Томсоросуң жаныңда жолдошуң жок,*
*Токойуңда жойлогон жолборсуң жок.*
*Асманыңда айланбай алп кара куш,*
*Алты баштуу ажыдаар-колдоочуң жок.*

*Кошой Коргон...*
*каптаган каңгайлардан,*
*Канча жолу дайралар канга айланган.*
*Канча заман калдайып туруп азыр,*
*Көптүгүнөн туяктын чаңга айланган.*

*Мен да минтип ойум жок тереңирээк,*
*Бойум жапыс дальм жок кененирек.*
*Коргонунун жугунан көзүң өтөт,*
*Кошой Дөөнүн арбагы келеби деп.*

## Тоо

*Жетип турат көк асманга учтары,*
*Жерди биздей тээп турат буттары.*
*Кара аскалар канаттары калдайган,*
*Камынгансыйт качандыр бир учканы.*

*Тоо тунжурайт бой көтөрбөй, басынбай,*
*Токтоп калган толкундардай жазылбай.*
*Ыраак калып, унут болуп бу жалган,*
*Ыр жазарда ойго кеткен акындай.*

*Эскерүүдөн тилден калып мелтиреп,*
*Эмнегедир ыйлагыдай келтирет.*
*Тагдыр кошуп тайыш менен бир ирет,*
*Тагы кыйрап турбаса экен менчилеп.*

## Түнкү кар

*Көз жашы жылдыздардын үшүп жаткан,*
*Каалгып карга айланып түшүп жаткан.*
*Күрс-күрс деп Алыкулча жөтөлгөн жер,*
*Күңгүрөп окшойт Манас түзүп жаткан.*

*Биз жетпес жактан жерге себеленип,*
*Ыш басып тамандарда тебеленип.*
*Уйкулуу ушул шыбыр кучагында,*
*Учамын ай ааламды тегеренип.*

*Түнкү кар - түндүн ыры, кыштын ыры,*
*Түнкү кар - түн шыбыры, кыш шыбыры.*
*Түнкү кар - төгүлгүнүн үлгүсүндөй,*
*Түнкү кар - түн күзөткөн кыздын ыры.*

## Көл жарыктык

*Башталып Балыкчыдан Түптөн бүткөн,*
*Башкача, көк керемет түштөн бүткөн.*
*Ала-Тоо топон суудан үзүп калып,*
*Ааламды алып кетер күчтөн бүткөн.*

*Сулуудай махабаттуу көзүн сүзгөн,*
*Суктанып көркөмүнө көзүм түшкөн.*
*Энелүү наристедей мүнөзү бар,*
*Эркелеп алп тоолордун төшүн сүзгөн.*

*Жүзүнөн жаш-карысы билинбеген,*
*Жүрөгү жалбырактай дирилдеген.*
*Көөлгүп жатат жайнап Көл жарыктык,*
*Көк шайы көйнөк кийип тигилбеген.*

***

*Карагайчы, карагайчылар,*
*Карагайды карабайсыңар.*
*- Карагайлар кана, кокуй! - деп,*
*Каректери канап Ай чыгар.*

*Мергенчилер, аттиң мергендер,*
*Мекенинен кийик тергендер,*
*Жүзүн бурар бизден бир күнү,*
*Жүз кылымдан насип бергендер.*

*Боорум көлдөр, боорум дайралар,*
*Бозоргон чөл, боздон сай калар.*
*Суусап өлгөн сулуу үстүндө,*
*Сук жорулар гана айланар.*

*Кагылайын жерим Ат-Башым,*
*Кантип көздөн жашым акпасын.*
*Жамандыгың көрбөсөм экен,*
*Жазмыш гана өзү сактасын.*



**Кыргыз тили**

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
Телефон: 0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:**
ТААЛАЙБЕК кызы Аида
0(708) 09 03 24

КР Юстиция министрлигинде катоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары,
Бөкөнбаев көчөсү, 182
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:**384
**Нускасы:**4021